КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунун негизинде
УДК: 517.957

ТОКТОРБАЕВ АЙБЕК МАМАДАЛИЕВИЧ

РЕАКЦИЯ КЫЛУУЧУ ГАЗДАРДЫН АРАЛАШМАСЫНЫН ТЕҢДЕМЕЛЕРИ ҮЧҮН КОШИ МАСЕЛЕСИНИН ЧЕЧИЛИШИ

01.01.02 – «Дифференциалдык теңдемелер, динамикалык системалар жана оптималдык башкаруу»

СӨЗДҮК

➢ РЕАКЦИЯ КЫЛУУЧУ	-	РЕАГИРУЮЩАЯ
➢ КУБУЛУУЧУ	-	ВЫРОЖДАЮЩИЕСЯ
➢ НАЗАРИЯТ	-	ТЕОРИЯ
➢ БҮТҮНДӨЙ	-	В ЦЕЛОМ
➢ ҮЗГҮЛТҮКСҮЗДҮК	-	НЕПРЕРЫВНОСТЬ
➢ КӨЗӨНӨКТҮҮ ЧӨЙРӨ	-	ПОРИСТАЯ СРЕДА
➢ ИЛЕШКЭЭК	-	ВЯЗКИЙ
➢ КЫСЫЛУУЧУ	-	СЖИМАЕМЫЙ
➢ ӨТКӨРҮМДҮҮ	-	ПРОНИЦАЕМЫЙ
➢ КИЧИНЕ	-	МАЛЫЙ
➢ ДУБАЛ	-	СТЕНКА
➢ ЖЫЛМАКАЙ	-	ГЛАДКИЙ
➢ САЛЫШТЫРМА	-	УДЕЛЬНЫЕ
➢ АЙРЫМАЛЫК СХЕМАЛАР	-	РАЗНОСТНЫЕ СХЕМЫ
➢ ТУТАШ ЧӨЙРӨЛӨР МЕХАНИКАСЫ	-	МЕХАНИКА СПЛОШНОЙ СРЕДЫ

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ

Проблеманын актуалдуулугу. Дифференциалдык теңдемелердин бир бөлүмүн - актуалдуулугу көп сандаган колдонулуштары менен шартталган туташ чөйрөлөр механикасынын чектик маселелери түзүшөт. Назарияттык көз караштa алып караганда туташ чөйрөлөр механикасынын теңдемелери илгертен эле маселелердин коюлуш өзгөчөлүктөрү жана өздөрүнө мүнөздүү болгон чечүү усулдары менен көңүлдү бурдуруп келген. ЭЭМди колдонуунун негизинде сандык усулдардын ылдамдап өнүгүшү - азыркы убакта механиканын моделдерин окуп үйрөнүүгө карата негизги стимулдардын бири болуп эсептелет.

Кыймылдуу суюктуктарда жана газдарда болуп өтүүчү процесстердин математикалык баяндалышы Навье-Стокстун теңдемелерин чечүүгө келтирилет. Бул теңдемелер сызыктуу эмес, ошондуктан аларды чечүүнүн бир кыйла ылайыктуу жолу болуп, азыркы убакта, сандык усулдар эсептелет. Навье-Стокстун теңдемелери үчүн сандык усулдарды талдап иштеп чыгуу прикладдык жана назарияттык чоң баалуулукка ээ. Эффективдүү сандык алгоритмдерди тургузуу үчүн, чектик маселелердин чечилишине карата математикалык тыкыр анализ жүргүзүү зарыл.

Азыркы убакта ушул теңдемелерди чечүүдө пайдаланылуучу көп сандаган усулдардын бар экендигине карабастан, аларды андан ары изилдөө боюнча иштер маанилүү жана актуалдуу болуп кала берүүдө.

Андан сырткары, механиканын проблемаларын изилдеген учурда учуроочу маселелер өз алдынча илимий жана практикалык кызыгууну пайда кылат, анткени алардын чечилиши дифференциалдык теңдемелердин жана айырмалык схемалардын назариятынын андан ары өнүгүүсү менен байланышкан.

Изилдөөнүн объекти жана предмети. Диссертацияда газдардын, ортосунда химиялык реакция болуп өтүүчү эки компоненттүү аралашмасынын (көзөнөктүү жана көзөнөктүү эмес чөйрөдө, кубулуучу жана кубулуучу эмес теңдемелер үчүн), ошондой эле илешкээк жылуулук өткөрүмдүү газдын магниттик жана электрдик талаалардын эске алынышы менен болгон стационардык эмес бир ченемдүү кыймылын баяндоочу ар түрдүү моделдер изилденет.

Жогоруда белгиленгендей, каралуучу моделдердин математикалык изилдеништери жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелердин назариятынын бир бөлүгүн түзөт. Диссертациянын объектин классикалык эмес типтеги теңдемелер түзүшөт. Бул жердеги туташ чөйрөнүн механикасынын изилденип жаткан моделдери, кыймылдын теңдемелери менен катар кошумча «бир тектүү эместик параметрлеринин» (тыгыздык, температура, концентрация, магниттик талаанын чыңалуусу, электрдик талаанын чыңалуусу) аныктамаларын кароого туура келиши менен мүнөздүү. Натыйжада классикалык типтердин бирине да таандык болбогон теңдемелердин стандарттык эмес системаларын алабыз. Бул изилденип жаткан теңдемелер системаларынын математикалык өзгөчөлүгү - сызыктуу эмес болуусу менен катар, ал системалар курама типте. Ошондуктан ар бир конкреттүү система үчүн өзүнө тиешелүү изилдөө усулу иштелинип чыгылат, анткени ал тургай курама типтеги сызыктуу теңдемелердин жалпы назарияты али жетишээрлик толук өнүккөн эмес. Айрым моделдердин өзүнө гана мүнөздүү болгон жагдайлары - чектик маселелерди чечүү үчүн априрордук баалоолорду алган учурда көрүнөт.

Диссертациянын максаты. Диссертациянын максаты болуп илешкээк кысылуучу газдардын бир ченемдүү кыймылынын ар түрдүү кырдаалдардагы моделдик теңдемелери үчүн чектик жана Коши маселелеринин жалпыланган чечимдеринин (Соболевдин тандалып алынган класстары үчүн) жашашы жана жалгыздыгы жөнүндөгү глобалдык маселелерди чечүү.

Илимий жаңылыгы. Диссертацияда төмөндөгүдөй негизги илимий жыйынтыктар алынган:

– Ортосунда химиялык реакция болуп өтүүчү газдардын эки компоненттүү аралашмасынын чектелбеген аймакта бир ченемдүү стационардык эмес агымын баяндоочу Коши маселесинин изделүүчү функциялар чексиздикте ар түрдүү пределдерге ээ болушкан учурда убакыт боюнча «бүтүндөй» бир маанилүү чечилиши далилденген.

- Контакттык үзүлүүгө ээ болгон жана чөйрөнүн көзөнөктүүлүгүн эсепке алуу менен газдардын чектелбеген аймакта болгон кыймылынын кубулуучу жана кубулбоочу теңдемелеринин жалпыланган чечимдеринин жашашы жана жалгыздыгы далилденген.
- Илешкээк жана кысылуучу газдын магниттик жана электрдик талааларды эсепке алуу менен чектелбеген аймакта болгон бир ченемдүү стационардык эмес кыймылын баяндоочу чектик маселелердин убакыт боюнча «бүтүндөй» бир маанилүү чечилиши далилденген.
- Өткөрүмдүү жана өткөрүмдүү эмес чек араларга (илешкээк газдын чектелген аймак боюнча агып өтүүсү), ошондой эле турактуу жана өзгөрмө жылуулук өткөрүмдүүлүк коэффициентине ээ болгон, андан башка бир тектүү эмес (температура боюнча) чектик маселелердин чектелген жана чектелбеген аймактарда «бүтүндөй» бир маанилүү чечилиши далилденген.
- Алынган бардык жыйынтыктар жаңы болуп саналат.

Илим жана практика үчүн мааниси. Эмгек назарияттык мүнөзгө ээ. Тикеден – тике колдонулуштардан улам келип чыгуучу маселелер окуп үйрөнүлгөн. Жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелер системасынын жаңы класстарына келтирилүүчү туташ чөйрөлөр механикасынын маанилүү маселелеринин коюлушу берилген жана изилденген. Диссертациянын жыйынтыктарын сызыктуу эмес теңдемелер үчүн чектик маселелердин теориясында колдонулуга жана газо-гидродинамиканын теңдемелеринин чечимдеринин сапаттык касиеттерин изилдөөдө, ошондой эле илешкээк газдын агымдарын сандык изилдөө алгоритмдерин негиздөө үчүн пайдаланууга болот.

Изилдөөнүн усулу глобалдык жана локалдык априордук баалоолорду алуу жана алардын негизинде сызыктуу эмес чектик маселелерди чечүүнүн жалпы усулдарын колдонуу менен байланышкан.

Диссертациянын апробациясы. Диссертациянын жыйынтыктары Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин дифференциалдык теңдемелер кафедрасынын семинарларында, эсептөө жана информациялык технологиялар боюнча Россия-Казахстан жумушчу тобунун VI кеңешмесинде (Алматы ш., 2009-ж.), түрк тилдүү өлкөлөрдүн дүйнөлүк математикалык коомчулугунун III конгрессинде (Алматы ш., 2009-ж.), түрк тилдүү өлкөлөрдүн дүйнөлүк математикалык коомчулугунун IV конгрессинде (Баку ш., 2011-ж.), «Функционалдык анализ жана анын колдонулуштары» Эл аралык илимий конференциясында (Астана ш., 2012-ж.), анализ жана колдонмо математика боюнча үчүнчү Эл аралык конференцияда (Алмата ш., 2016-ж.), «Информациялык технологиялар жана илимдеги, техникадагы жана билим берүүдөгү математикалык моделдештирүү» Эл аралык конференциясында (Бишкек ш., 2016-ж.) баяндалган жана талкууланган.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү. Эмгек киришүүдөн, үч баптан, жети бөлүктөн, корутундудан, 112 аталыштагы колдолунган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

Формулалардын, аныктамалардын, леммалардын жана теоремалардын номерлениши үч орундуу белгиленген, б.а. эгерде формула (1.2.3) номерине ээ болсо, анда ал биринчи баптын экинчи бөлүмүнүн 3-формуласы экендигин билдирет.

Тексттин көлөмү 134 бет.

Диссертациянын жыйынтыктары [30-43,84-86] эмгектерде жарыяланган.

Биргелешкен иштерде маселенин коюлушу илимий жетекчи, ф.-м.и.д., профессор Д.А. Искендеровага таандык, ал эми алынган илимий жыйынтыктар изденүүчү А.М. Токторбаевге таандык.

Биринчи бапта диссертациялык иштин темасы боюнча жакын эмгектердин баяндамасы берилет.

Экинчи бапта газдардын, ортосунда химиялык реакция болуп өтүүчү көп компоненттүү аралашмасынын чектелбеген аймактагы бир ченемдүү стационардык эмес кыймылынын теңдемелери үчүн Коши маселелери изделүүчү функциялар чексиздикте ар түрдүү пределдерге ээ болгон учурда иликтенген. Кубулуучу жана кубулбоочу теңдемелер, контакттык үзүлүүгө ээ болгон кыймыл, жылуулук өткөрүмдүүлүк коэффициенти температурадан көз каранды болгон учурда чөйрөнүн көзөнөктүүлүгүн эсепке алуу менен болгон кыймыл изилденген. Априордук баалоолор усулу менен жалпыланган чечимдин убакыт боюнча «бүтүндөй» *(«в целом»)* жашашы жана жалгыздыгы далилденди.

Үчүнчү бапта илешкээк кысылуучу газдын магниттик жана электрдик талаалардын эсепке алынышы менен болгон чектелбеген аймактагы бир ченемдүү кыймылынын теңдемелери каралган. Априордук баалоолор усулу менен баштапкы-чектик маселелердин убакыт боюнча «бүтүндөй» *(«в целом»)* бир маанилүү чечилиши далилденди. Өткөрүмдүү эмес чек араларга ээ болгон, турактуу жана өзгөрмө жылуулук өткөрүмдүүлүк коэффициентине ээ болгон маселелер, өткөрүмдүү чек араларга ээ болгон бир тектүү эмес чектик маселелер изилденген.

Изилденген теңдемелердин системалары сызыктуу эмес жана курама типке ээ. Ушуга байланыштуу ар бир конкреттүү маселеге жекече ыкма жасоо зарылдыгы пайда болду. Негизги көңүл глобалдык априордук баалоолорду келтирип чыгарууга бурулду.

Көп жылдардан бери мага кеңеш берип жана колдоо көрсөтүп келе жаткан илимий жетекчим ф.-м. и. д., проф. Д. А. Искендеровага ыраазычылык билдирем.

1-БАП. АДАБИЯТТАРДЫН ЖАНА АЙРЫМ ИЛИМИЙ НАТЫЙЖАЛАРДЫН БАЯНДАМАСЫ

Бул бапта илешкээк газ чөйрөлөрүнүн бир ченемдүү стационардык эмес өз ара өткөрүмдүү кыймылынын Навье-Стокс тибиндеги теңдемелер болуп саналуучу моделдери боюнча изилдөөлөрдүн буга чейинки жыйынтыктары каралат. Жогорку тартиптеги сызыктуу эмес теңдемелердин системасы курама көрүнүшкө ээ болуусу - алардын математикалык изилденишинин өзгөчөлүгүн аныктайт. Мындай моделдер же Больцмандын [12] кинетикалык теңдемелеринен, же феноменологиялык жол [73] менен алынышы мүмкүн.

Навье-Стокстун теңдемелерин окуп үйрөнүүгө көптөгөн окмуштуулардын эмгектери арналган. Илешкээк газдын теңдемелери үчүн чектик маселелердин корректтүүлүгү боюнча изилдөөлөрдүн кеңири баяндамасы [2]-монографияда келтирилген. Чектик маселелерди окуп үйрөнүүгө Дж. Серриндин [107] эмгеги негиз салган, анда чектик маселелердин негизги коюлуштары формулировкаланган жана жалгыздык теоремалары жылмакай функциялардын классында далилденген. Дж. Нэшуга [106] Коши маселесинин убакыт боюнча «кичине» аралыкта классикалык чечиминин жашашы жөнүндөгү теорема таандык. Бир кыйла башкача ыкма менен анын жыйынтыгы Н. Итаянын [100], А.И. Вольперттин жана С.И. Худяевдин [11] эмгектеринде кайталанган жана жалпыланган. Аралаш чектик маселелер үчүн чечимдин жашашынын жана жалгыздыгынын локалдык теоремалары В. А. Солонников [83], А. Тани [109] тарабынан далилденген.

Азыркы убакта чектик маселелердин глобалдык чечилиши бир ченемдүү агымдар болгон учурлар үчүн гана жетишээрлик жакшы изилденген. Коши маселесинин убакыт боюнча «бүтүндөй» чечилиши боюнча биринчи жыйынтык Я.И. Канел [44] тарабынан баротроптук газ үчүн $p=\rho^{\gamma},\ \gamma=const\geq 1$ болгон учурда алынган. Н. Итаяга [101], А. Таниге [110] Коши маселесинин жана Бюргерстин модели $(p=const)$ үчүн аралаш чектик маселенин чечиминин жашашынын глобалдык теоремалары таандык. Я.И. Канел [45] тарабынан илешкээк жылуулук өткөрүмдүү газдын кыймылынын теңдемелери үчүн баштапкы берилгендер тынчтануу абалына жакын деген шарттагы Коши маселесинин корректтүүлүгү далилденген. Баштапкы берилгендерге ушундай эле чектөөлөр болгон учурда А.Мацумура жана Т.Нишида [104, 105] Коши маселесинин жана аралаш чектик маселенин глобалдык чечилишин тургузушкан.

Локалдык эмес теория А.В. Кажиховдун эмгектеринде [46-48] бир топ өнүгүүнү алган, ал эмгектерде илешкээк жылуулук өткөрүмдүү жана баротропдук газдардын теңдемелери үчүн чектик маселелерди изилдөө жүргүзүлгөн. Ал тарабынан баштапкы - чектик маселелердин бардык негизги коюлуштары үчүн жалгыз глобалдык чечимдин жашашы далилденген жана баштапкы берилгендерге карата кошумча кичинелик шарттарсыз Коши маселеси үчүн убакыт чектелбеген түрдө өскөн учурда чечимдердин жүрүм-туруму изилденген.

Көп компоненттүү жана көп фазалуу туташ чөйрөлөрдүн агымын баяндоочу теңдемелер көптөгөн эмгектерде келтирилип чыгарылган. Алардын баяндамасы [56] да келтирилген. Бул теңдемелер татаал системалар болуп эсептелишет. Көп компоненттүү аралашманын бир ченемдүү теңдемелери үчүн аралаш чектик маселелердин бир маанилүү чечилиши менен новосибирскилик окумуштуулар А.В. Кажихов жана А.Н. Петров [49, 69, 70] шугулданышкан. Бардык изделүүчү функциялар чексиздикте бирдей пределдерге ээ болгон учурда Коши маселесинин бир маанилүү чечилишин жана чечимди стабилдештирүүнү Есекеев К.Б., Искендерова Д.А. [13, 14] изилдешкен. Кубулуучу теңдемелерди чектелген жана чектелбеген аймакта, изделүүчү функциялар чексиздикте нөлдүк пределдерге ээ болгон учурда Искендерова Д.А. [19,22,23] изилдеген. Магниттик талааны эсепке алуу менен газдардын реакция кылуучу аралашмасынын теңдемелери Д.А. Искендерова [16-18,21,28,29] тарабынан окуп үйрөнүлгөн. Ал температура жана компоненттердин массалык концентрациялары чексиздикте бирдей пределдерге ээ болгон учурда чектик маселелерди жана Коши маселесин изилдеген.

Электрогазодинамика (ЭГД) – бул физиканын жана механиканын униполярдык заряддалган же поляризацияланган суюктуктардын же газдардын электрдик талаадагы кыймылын окуп үйрөнүүчү тармагы болуп саналат.

Электрогазодинамиканын жалпы маселелери И.П. Верещагиндин, В.И. Левитовдун, Г.З. Мирзабекяндын, М.М. Пашиндин [10], А.Б. Ватажиндин, В.И. Грабовскийдин, В.А. Лихтердин, В.И. Шульгиндин [9], Ю.С. Бортниковдун, Н.Б. Рубашовдун [5] монографияларында каралган.

ЭГД ны баяндоочу бир ченемдүү теңдемелердин чечилиши – магниттик талаа жок болгон учурдагы агым Н. Файзулин тарабынан жалпы учур үчүн баротроптук кыймыл болгон кезде, чөйрөдө же оң иондор же терс иондор болгон учурда [90,92] де каралган, ал эми илешкээк жылуулук өткөрүмдүү газ учуру [91] де каралган. ЭГДнын стационардык эмес маселесинин чечимин стабилдештирүү илешкээк жылуулук өткөрүмдүү газ учурунда Н.Т. Копылова тарабынан [53] дө окуп үйрөнүлгөн.

Бай Ши-и нин [3] китебинде магниттик газодинамиканын негизги теңдемелери берилген. Магниттик газ динамикасынын теңдемелери үчүн баштапкы чектик маселе электрдик талаа жок болгон учурда А.В. Кажихов, Ш. Смагулов тарабынан [50] дө изилденген. Магниттик газ динамикасынын теңдемелери үчүн чектик маселелердин чечилиши электрдик талаа жок болгон учурда Д.А. Искендерова тарабынан бир тектүү эмес чектик шарттар менен [29, 79] да, ал эми өзгөрүлмө жылуулук өткөрүмдүүлүк коэффициенти менен [79] да изилденген. Магниттик газодинамиканын теңдемелери үчүн айрым маселелердин чечилиши [20,24-27,29,55,77-79] эмгектеринде изилденген.

Электрогазодинамиканын бир ченемдүү стационардык эмес теңдемелери үчүн айырмалык схемалардын жыйналуучулугун жана туруктуулугун изилдөө менен Н.Н. Тунгатаров диффузия коэффициентин эсепке алуу менен болгон илешкээк газдын баротроптук кыймылы учурунда [87] жана диффузия коэффициентин эсепке албастан илешкээк жылуулук өткөрүмдүү газдын учурулары менен [88] шугулданган.

Сунушталып жаткан иште газдардын, ортосунда чектелбеген аймакта химиялык реакция болуп өтүүчү эки компоненттүү аралашмасынын стационардык эмес бир ченемдүү агымынын теңдемелери изилденген. Кубулуучу жана кубулбоочу теңдемелер каралат. Изилдөөнүн негизги объекти болуп газдардын реакция кылуучу аралашмасынын теңдемелери үчүн, изделүүчү функциялар чексиздикте ар түрдүү турактуу пределдерге умтулган учурдагы Коши маселеси эсептелет. Теңдемелердин сызыктуу эместиги чексиздикте ар түрдүү пределдерге ээ болгон Коши маселеси үчүн чечимдин «бүтүндөй» жашаш теоремасын чексиздикте бирдей пределдерге ээ болгон Коши маселесинин чечилишинин натыйжасы катары алууга мүмкүн эместигин байкайбыз. Ушуга эле окшош, кубулуучу баштапкы тыгыздыкка ээ болгон маселелер, бекем оң баштапкы тыгыздыкка ээ болгон маселелердин натыйжасы болбойт. Анткени, эгер $t=0$ болгон учурда чек арада тыгыздык $\rho=0$ болсо, анда, көрүнүп тургандай, $t>0$ болгон учурда да чек арада $\rho=0$ болуп, ал изилденүүчү теңдемелердин кубулуусуна алып келет. Изилденип жаткан маселелердин проблемалуулугу [2] монографияда көрсөтүлгөн.

Ошондой эле бул иште нейтралдык газдан жана оң иондордон $q>0$ турган эки компоненттүү чөйрөнү сүрөттөөчү электрогазодинамиканын (ЭГД) математикалык модели каралат [3,9]. Чектелген аймакта магниттик талааны эсепке алуу менен болгон илешкээк жылуулук өткөрүмдүү газдын агымын сүрөттөөчү бир ченемдүү теңдемелердин убакыт боюнча «бүтүндөй» бир маанилүү чечилиши изилденет. Жылуулук өткөрүмдүүлүк коэффициент турактуу жана тыгыздыктан же температурадан көз каранды болгон учурлар каралат. Ошондой эле температура үчүн бир тектүү эмес шарттар менен чектик маселе окуп үйрөнүлөт.

Теоремалардын далилдөөсү төмөнкү схема боюнча жүргүзүлөт:

а)глобалдык априордук баалоолор келтирилип чыгарылат, анда оң C, C_i, N_i, K_i турактуулары маселенин берилгендеринен жана убакыттын $T,\ 0<T<\infty$ аралыгынан гана көз каранды болот, бирок локалдык чечимдин жашоо аралыгынан көз каранды болбойт; б) чечимдин жашашынын локалдык теоремасы далилденет; в) алынган глобалдык априордук баалоолордун негизинде локалдык чечим убакыттын бүтүндөй $[0,T]$, $0<T<\infty$ аралыгына улантылат; г) чечимдин жалгыздыгы далилденет.

Белгилүү болгондой, илешкээк газ динамикасынын бир ченемдүү стационардык эмес маселелеринде априордук баалоолорду лагранждык координаталарда алуу баарынан ыңгайлуу. Алардын киришүүсү [2, 71] де баяндалган.

2-БАП. РЕАКЦИЯ БЕРҮҮЧҮ ГАЗДАРДЫН АРАЛАШМАСЫНЫН ТЕҢДЕМЕЛЕРИ ҮЧҮН КОШИ МАСЕЛЕЛЕРИНИН ЧЕЧИЛИШИ

§ 2.1. ЧЕКСИЗДИКТЕ АР ТҮРДҮҮ ПРЕДЕЛДЕРГЕ ЭЭ БОЛГОН КОШИ МАСЕЛЕСИ

2.1.1. Маселенин коюлушу жана негизги жыйынтык. Төмөнкү теңдемелер системасы изилденет:

$$\begin{aligned}
&\frac{\partial v}{\partial t}-\frac{\partial u}{\partial x}=0,\quad v=\frac{1}{\rho},\\
&\frac{\partial c}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\chi}{v}\frac{\partial c}{\partial x}\right)-cg,\\
&\frac{\partial u}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\mu}{v}\frac{\partial u}{\partial x}\right)-\frac{\partial}{\partial x}\left(r\frac{\theta}{v}\right),\\
&\frac{\partial \theta}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\lambda_1}{v}\frac{\partial \theta}{\partial x}\right)+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\lambda_2}{v}\theta\frac{\partial c}{\partial x}\right)-r\frac{\theta}{v}\frac{\partial u}{\partial x}+\frac{\mu}{v}\left(\frac{\partial u}{\partial x}\right)^2+\delta cg,
\end{aligned}\tag{2.1.1}$$

мында

$$c=c_1,\ \theta=c_vT,\ g=\frac{\omega}{\rho c},\ r=\frac{R}{c_v},\ c_v=(c_{v1}-c_{v2})c+c_{v2},\ R=(R_1-R_2)c+R_2,$$

$$\chi=\rho D,\ D_1=D_2=D,\ \omega_2=-\omega_1=\omega\geq 0,\ \delta=\delta_1-\delta_2\geq 0,$$

$$\lambda_1=\frac{\lambda}{c_v},\ \lambda_2=\frac{\chi}{c_v}[(c_{v1}-c_{v2})+(R_1-R_2)-\lambda].$$

Бул жерде ρ, u, θ аралашманын тыгыздыгы, ылдамдыгы, температурасы, v – салыштырма көлөм, c_i – компоненттердин массалык концентрациялары, δ_i – бул i- компоненттин стандарттык шарттар учурунда пайда болуучу жылуулугу, R_i – газ турактуулары, c_{vi} – компоненттердин турактуу көлөм учурундагы салыштырма жылуулук сыйымдуулуктар, ω_i –химиялык реакциялардын ылдамдыктары; D_i, μ, λ – диффузия, илешкээктик, жылуулук өткөрүмдүүлүк коэффициенттери. Оң $\chi, \mu, \lambda, c_{vi}, R_i$ коэффициенттери турактуу деп эсептелинген учурда теңдемелердин (2.1.1) системасы ρ, c, u, θ функцияларына карата туюк болот.

Аралашманын кыймылын төмөнкү тилкеде карайбыз:

$$\Pi=\{(x,t): x\in R,\ 0<t<T\},\ R=(-\infty,\infty).$$

Төмөнкү баштапкы шарттар

$$u|_{t=0}=u_0(x),\ \theta|_{t=0}=\theta_0(x),\ c|_{t=0}=c_0(x),\ v|_{t=0}=v_0(x), \qquad (2.1.2)$$

$0<c_0(x)\le 1,\ 0<m\le(v_0(x),\ \ \theta_0(x))\le M<\infty$ чексиздикте чектүү пределдерге ээ болушат:

$$\lim_{x\to-\infty} u_0(x)=u_0^1,\ \lim_{x\to+\infty} u_0(x)=u_0^2,\ \ u_0^1<u_0^2,$$

$$\lim_{x\to-\infty} v_0(x)=v_0^1,\ \lim_{x\to+\infty} v_0(x)=v_0^2,\ \ v_0^1\ne v_0^2, \qquad (2.1.3)$$

$$\lim_{x\to-\infty} c_0(x)=c_0^1,\ \lim_{x\to+\infty} c_0(x)=c_0^2,\ \ c_0^1\ne c_0^2,$$

$$\lim_{x\to-\infty} \theta_0(x)=\theta_0^1,\ \lim_{x\to+\infty} \theta_0(x)=\theta_0^2,\ \ \theta_0^1\ne\theta_0^2.$$

Ттөмөндөгүдөй касиеттерге ээ болуучу $\psi(x),\ f(x),\ \gamma(x),\ \varphi(x)$ жардамчы функцияларын киргизебиз:

$$0<C_1^{-1}<\psi(x)<C_1,\ \ \lim_{|x|\to\infty} v_0(x)\psi(x)=1,\ \ \psi'(x)\in W_2^1(R),$$

$$|f(x)|<C_2<\infty,\ \lim_{x\to\infty} f(x)=u_0^1,\ \lim_{x\to+\infty} f(x)=u_0^2,$$

$$0<f'(x)\le C_3,\ f'(x)\in W_2^1(R),\ f'(x)\in L_1(R), \qquad (2.1.4)$$

$$0<C_4^{-1}<\varphi(x)<C_4,\ \ \lim_{|x|\to\infty} \theta_0(x)\varphi(x)=1,\ \ \varphi'(x)\in W_2^1(R),$$

$$1\le\gamma(x)<C_5<\infty,\ \ \lim_{|x|\to\infty} c_0(x)\gamma(x)=1,\ \ \gamma'(x)\in W_2^1(R).$$

$$(\varphi'(x))^2<\delta f'(x),\ \ (\gamma'(x))^2<\delta f'(x),\ \ 0<\delta<1.$$

Мындай функциялардын жашашын текшерүү кыйын эмес.

2.1.1-ТЕОРЕМА. *Эгерде (2.1.2) баштапкы берилиштери (2.1.3) шарттарын жана* $(u_0-f,\ v_0\psi-1,\ \theta_0\varphi-1,\ c_0\gamma-1)\in W_2^1(R)$ *шартын канааттандырса, ошондой эле* $g(\rho,c,\varphi\theta)$ *функциясы өзүнүн аргументтеринин каалагандай компакттуу аймагында оң жана үзгүлтүксүз болсун, ал эми* $(\varphi\theta)^{1/2}$ *боюнча, Липшицтин шарты жана* $g(\rho,c,1)=0$ *экендиги орун алса,* *анда каалагандай* $T,\ 0<T<\infty$ *чектүү бийиктигине ээ болгон* $\Pi=R\times(0,T)$ *тилкесинде (2.1.1), (2.1.2) маселесинин жалгыз жалпыланган чечими жашайт, жана*

$$(v\psi-1)\in L_\infty\left(0,\ T;W_2^1(R)\right),\quad \left(\frac{\partial v}{\partial t},\frac{\partial u}{\partial t},\frac{\partial \theta}{\partial t},\frac{\partial c}{\partial t},\right)\in L_2(\Pi),$$

$$(u-f,\ \theta\varphi-1,\ c\gamma-1)\in L_\infty\left(0,\ T;W_2^1(R)\right)\cap L_2\left(0,\ T;W_2^2(R)\right),$$

болот, мында $0<c(x,t)\le 1,\ v(x,t),\ \theta(x,t)$ *- такай оң, чектелген функциялар.*

2.1.2. Априордук баалоолор. Жалпылыкты чектебей туруп, (2.1.1) - системасындагы бардык оң турактууларды бирге барабар деп кабыл алабыз. (2.1.1) системасынын теңдемелеринен жана берилиштерге болгон чектөөлөрдөн $v(x,t),\ \theta(x,t)$ функцияларынын терс эмес жана $0<c(x,t)\le 1$ экендиги көрүнүп турат.

$\dfrac{\partial \xi}{\partial x}=\dfrac{1}{\varphi(x)\gamma(x)}$ деп алмаштыруу жүргүзөбүз. Анда теңдемелердин (2.1.1) – системасы төмөндөгүдөй көрүнүштү алат:

$$\frac{\partial v}{\partial t}-\frac{1}{\varphi\gamma}\frac{\partial u}{\partial \xi}=0,\quad v=\frac{1}{\rho},$$

$$\frac{\partial c}{\partial t}=\frac{1}{\varphi\gamma}\frac{\partial}{\partial \xi}\left(\frac{1}{\varphi\gamma v}\frac{\partial c}{\partial \xi}\right)-cg,$$

$$\frac{\partial u}{\partial t}=\frac{1}{\varphi\gamma}\frac{\partial}{\partial \xi}\left(\frac{1}{\varphi\gamma v}\frac{\partial u}{\partial \xi}\right)-\frac{1}{\varphi\gamma}\frac{\partial p}{\partial \xi},\quad p=\frac{\theta}{v}, \tag{2.1.5}$$

$$\frac{\partial \theta}{\partial t}=\frac{1}{\varphi\gamma}\frac{\partial}{\partial \xi}\left(\frac{1}{\varphi\gamma v}\frac{\partial \theta}{\partial \xi}\right)+\frac{1}{\varphi\gamma}\frac{\partial}{\partial \xi}\left(\frac{1}{\varphi\gamma v}\theta\frac{\partial c}{\partial \xi}\right)-\frac{1}{\varphi\gamma}p\frac{\partial u}{\partial \xi}+\frac{1}{\varphi^2\gamma^2 v}\left(\frac{\partial u}{\partial \xi}\right)^2+cg.$$

2.1.1- ЛЕММА. Теореманын шарттары аткарылган шартта төмөнкү баалоо орун алат

$$U(t)+\int_0^t W(\tau)d\tau\le E=const>0,\quad t\in[0,T] \tag{2.1.6}$$

мында

$$U(t)=\int\left\{\frac{1}{2}(u-f)^2+\frac{1}{2}(c\gamma-1)^2+(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)+(v\psi-\ln v\psi-1)\right\}dx,$$

$$W(t)=\int\left\{\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}+\frac{u_x^2}{v\theta}+\frac{c_x^2}{v}+\frac{\theta}{v}f'+g(c\gamma-1)^2\right\}dx.$$

x боюнча интегралдар $-\infty$ ден ∞ ге чейин алынат.

Далилдөө. (2.1.5) -системанын биринчи теңдемесин $\gamma\left(\psi-\frac{1}{v}\right)$ га, экинчисин $\gamma(c\gamma-1)$ ге, үчүнчүсүн $\varphi\gamma(u-f)$ ке, төртүнчүсүн $\gamma\left(\varphi-\frac{1}{\theta}\right)$ көбөйтүп, кошуп анан R боюнча интегралдайбыз:

$$\frac{d}{dt}\int\left\{\frac{1}{2}\varphi\gamma(u-f)^2+\frac{1}{2}(c\gamma-1)^2+\gamma(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)+\gamma(v\psi-\ln v\psi-1)\right\}d\xi+$$

$$+\int\left\{\frac{\theta_\xi^2}{v\theta^2\varphi^2\gamma}+\frac{u_\xi^2}{v\theta\varphi^2\gamma}+\frac{c_\xi^2}{v\varphi^2}+\frac{\theta}{v}f'+g(c\gamma-1)^2\right\}d\xi= \tag{2.1.7}$$

$$=\int\frac{\psi}{\varphi}u_\xi d\xi+\int\frac{f'}{v\varphi\gamma}u_\xi d\xi-\int\frac{\theta_\xi\varphi'}{v\theta\varphi^3\gamma}d\xi-\int\frac{c_\xi c\,\gamma'}{v\varphi^2\gamma}d\xi+\int\frac{c_\xi c\varphi'}{v\varphi^3}d\xi-$$

$$-\int\frac{c_\xi\theta_\xi}{v\theta\varphi^2\gamma}d\xi-\int\frac{c_\xi\varphi'}{v\varphi^3\gamma}d\xi-\int g(c\gamma-1)d\xi+\int cg\gamma\frac{\varphi\theta-1}{\theta}d\xi=\sum_{k=1}^{9}I_k.$$

Бөлүктөп интегралдоону, Юнгдун, Кошинин барабарсыздыгын жана (2.1.4) -касиеттерди пайдаланып ар бир I_k ны баалайбыз.

$$I_1=\int\frac{\psi}{\varphi}(u-f)_\xi d\xi+\int\frac{\psi}{\varphi}f'd\xi=-\int(u-f)\left(\frac{\psi'}{\varphi}-\frac{\psi\varphi'}{\varphi^2}\right)d\xi+C_6\int f'd\xi\le$$

$$\le C_7\left(\left\|\sqrt{\varphi\gamma}(u-f)\right\|^2+1\right).$$

$$I_2=\int f'\frac{\partial\ln v\psi}{\partial t}d\xi=-\int f'\frac{\partial}{\partial t}(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi+$$

$$+\int f'\frac{\partial v\psi}{\partial t}d\xi=-\frac{d}{dt}\int f'(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi+\int f'\frac{\psi}{\varphi\gamma}u_\xi d\xi=$$

$$=-\frac{d}{dt}\int f'(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi+\int f'\frac{\psi}{\varphi\gamma}(u-f)_\xi d\xi+\int(f')^2\frac{\psi}{\varphi\gamma}d\xi=$$

$$=-\frac{d}{dt}\int f'(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi+\int(u-f)\left(\frac{f''\psi}{\varphi\gamma}+\frac{f'\psi'}{\varphi\gamma}-\frac{f'\psi\varphi'}{\varphi^2\gamma}-\frac{f'\psi\gamma'}{\varphi\gamma^2}\right)d\xi+$$

$$+\int(f')^2\frac{\psi}{\varphi\gamma}d\xi\le-\frac{d}{dt}\int f'(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi+C_8\left(\left\|\sqrt{\varphi\gamma}(u-f)\right\|^2+1\right).$$

$$I_3=\int\frac{\theta_\xi\varphi'\psi^{1/2}}{v^{1/2}\theta\varphi^3\gamma}d\xi-\int\frac{\theta_\xi\varphi'\psi^{1/2}\left((v\psi)^{1/2}-1\right)}{v^{1/2}\theta\varphi^3\gamma(v\psi)^{1/2}\sqrt{v\psi-\ln v\psi-1}}\sqrt{v\psi-\ln v\psi-1}d\xi\,.$$

Ушул жерде

$$\frac{\left|(v\psi)^{1/2}-1\right|}{(v\psi)^{1/2}\sqrt{v\psi-\ln v\psi-1}}\leq K_1,\quad\forall(x,t)\in\Pi \tag{2.1.8}$$

Анда

$$I_3\leq\left(\int\frac{\theta_\xi^2}{v\theta^2\varphi^2\gamma}d\xi\right)^{1/2}\left(\int\frac{\varphi'^2\psi}{\varphi^4\gamma}d\xi\right)^{1/2}+$$

$$+K_1\left(\int\frac{\theta_\xi^2}{v\theta^2\varphi^2\gamma}d\xi\right)^{1/2}\left(\int\frac{\varphi'^2\psi}{\varphi^4\gamma}(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi\right)^{1/2}\leq$$

$$\leq\delta_1\int\frac{\theta_\xi^2}{v\theta^2\varphi^2\gamma}d\xi+C_{\delta_1}\left(\int f'(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi+1\right).$$

Ушуга эле окшош ой жүгүртүү менен калган интегралдарды баалоого болот.

$$I_4=\int\frac{c_\xi\gamma'c\psi^{1/2}}{v^{1/2}\varphi^2\gamma}d\xi-\int\frac{c_\xi\gamma'c\psi^{1/2}\left((v\psi)^{1/2}-1\right)}{v^{1/2}\varphi^2\gamma(v\psi)^{1/2}\sqrt{v\psi-\ln v\psi-1}}\sqrt{v\psi-\ln v\psi-1}d\xi\leq$$

$$\leq\left(\int\frac{c_\xi^2}{v\varphi^2}d\xi\right)^{1/2}\left(\int\frac{\gamma'^2c^2\psi}{\varphi^2\gamma^2}d\xi\right)^{1/2}+$$

$$+K_1\left(\int\frac{c_\xi^2}{v\varphi^2}d\xi\right)^{1/2}\left(\int\frac{\gamma'^2c^2\psi}{\varphi^2\gamma^2}(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi\right)^{1/2}\leq$$

$$\leq\delta_2\int\frac{c_\xi^2}{v\varphi^2}d\xi+C_{\delta_2}\left(\int f'(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi+1\right).$$

$$I_5=\int\frac{c_\xi\varphi'c\psi^{1/2}}{v^{1/2}\varphi^3}d\xi-\int\frac{c_\xi\varphi'c\psi^{1/2}\left((v\psi)^{1/2}-1\right)}{v^{1/2}\varphi^3(v\psi)^{1/2}\sqrt{v\psi-\ln v\psi-1}}\sqrt{v\psi-\ln v\psi-1}d\xi\leq$$

$$\leq\left(\int\frac{c_\xi^2}{v\varphi^2}d\xi\right)^{1/2}\left(\int\frac{\varphi'^2c^2\psi}{\varphi^4}d\xi\right)^{1/2}+$$

$$+K_1\left(\int\frac{c_\xi^2}{v\varphi^2}d\xi\right)^{1/2}\left(\int\frac{\varphi'^2c^2\psi}{\varphi^4}(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi\right)^{1/2}\leq$$

$$\le \delta_3 \int \frac{c_\xi^2}{v\varphi^2} d\xi + C_{\delta_3}\left(\int f'(v\psi - \ln v\psi - 1)d\xi + 1\right).$$

$$I_6 \le \frac{1}{2}\int \frac{\theta_\xi^2}{v\theta^2\varphi^2\gamma} d\xi + \frac{1}{2}\int \frac{c_\xi^2}{v\varphi^2} d\xi,$$

$$I_7 = \int \frac{c_\xi \varphi' c \psi^{1/2}}{v^{1/2}\varphi^3\gamma} d\xi - \int \frac{c_\xi \varphi' c \psi^{1/2}\left((v\psi)^{1/2} - 1\right)}{v^{1/2}\varphi^3\gamma (v\psi)^{1/2}\sqrt{v\psi - \ln v\psi - 1}} \sqrt{v\psi - \ln v\psi - 1}\, d\xi \le$$

$$\le \left(\int \frac{c_\xi^2}{v\varphi^2} d\xi\right)^{1/2} \left(\int \frac{\varphi'^2 c^2 \psi}{\varphi^4\gamma^2} d\xi\right)^{1/2} +$$

$$+ K_1 \left(\int \frac{c_\xi^2}{v\varphi^2} d\xi\right)^{1/2} \left(\int \frac{\varphi'^2 c^2 \psi}{\varphi^4\gamma^2}(v\psi - \ln v\psi - 1)d\xi\right)^{1/2} \le$$

$$\le \delta_4 \int \frac{c_\xi^2}{v\varphi^2} d\xi + C_{\delta_4}\left(\int f'(v\psi - \ln v\psi - 1)d\xi + 1\right).$$

I_8, I_9 - $g(\rho, c, \varphi\theta)$ функциясынын $(\varphi\theta)^{1/2}$ боюнча липшицалдуулугун жана төмөнкү барабарсыздыктарды эсепке алуу менен бааланат

$$\frac{\left|(\varphi\theta)^{1/2} - 1\right|}{\sqrt{\varphi\theta - \ln\varphi\theta - 1}} \le K_2, \quad \forall (x,t) \in \Pi. \qquad (2.1.9)$$

$$I_8 \le N_1 \int \left|(\varphi\theta)^{1/2} - 1\right| \cdot |c\gamma - 1| d\xi \le N_1 \int \frac{\left|(\varphi\theta)^{1/2} - 1\right|}{\sqrt{\varphi\theta - \ln\varphi\theta - 1}} \sqrt{\varphi\theta - \ln\varphi\theta - 1} \cdot |c\gamma - 1| d\xi \le$$

$$\le N_1 K_2 \left(\int (\varphi\theta - \ln\varphi\theta - 1)d\xi\right)^{1/2} \left(\int (c\gamma - 1)^2 d\xi\right)^{1/2} \le$$

$$\le C_9 \left[\int \gamma(\varphi\theta - \ln\varphi\theta - 1)d\xi + \frac{1}{2}\int (c\gamma - 1)^2 d\xi\right].$$

Андан ары R сан огун төмөндөгүчө кылып $\Omega_i(t)$ аймактарына ажыратабыз:

$$\Omega_1(t) = \{x \in R : \varphi(x)\theta(x,t) \le 1\}, \qquad \Omega_2(t) = \{x \in R : \varphi(x)\theta(x,t) > 1\}.$$

Анда $g(\rho, c, \varphi\theta)$ жана $c(x,t)$ функцияларынын оң болушунун негизинде

$$I_9 = \int c g \gamma \frac{\varphi\theta - 1}{\theta} dx = \int_{\Omega_1(t)} c g \gamma \frac{\varphi\theta - 1}{\theta} dx + \int_{\Omega_2(t)} c g \gamma \frac{\varphi\theta - 1}{\theta} dx \le \int_{\Omega_2(t)} c g \gamma \frac{\varphi\theta - 1}{\theta} dx$$

болот.

$\Omega_2(t)$ да төмөнкү барабарсыздыктын аткарыларын байкайбыз:

$$\frac{\left((\varphi\theta)^{1/2}-1\right)(\varphi\theta-1)}{\varphi\theta(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)}<K_3,\quad \forall(x,t)\in\Pi. \qquad (2.1.10)$$

I_9 га кайтып төмөнкүгө ээ болобуз

$$I_9\le C_{10}\int_{\Omega_2(t)}\frac{\left((\varphi\theta)^{1/2}-1\right)(\varphi\theta-1)}{\varphi\theta(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)}\sqrt{\gamma}(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)d\xi\le C_{10}K_3\int\gamma(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)dx.$$

Алынган баалоолорду (3.1.7) ге коёбуз

$$\frac{d}{dt}\int\left\{\frac{1}{2}\varphi\gamma(u-f)^2+\frac{1}{2}(c\gamma-1)^2+\gamma(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)+(f'+\gamma)(v\psi-\ln v\psi-1)\right\}d\xi+$$

$$+\int\left\{\frac{\theta_\xi^2}{v\theta^2\varphi^2\gamma}+\frac{u_\xi^2}{v\theta\varphi\gamma}+\frac{c_\xi^2}{v\varphi^2}+\frac{\theta}{v}f'+g(c\gamma-1)^2\right\}d\xi\le$$

$$\le C_{11}\left(\left\|\sqrt{\varphi\gamma}(u-f)\right\|^2+1\right)+\left(\delta_1+\frac{1}{2}\right)\int\frac{\theta_\xi^2}{v\theta^2\varphi^2\gamma}d\xi+\left(\delta_2+\delta_3+\delta_4+\frac{1}{2}\right)\int\frac{c_\xi^2}{v\varphi^2\gamma}d\xi+$$

$$+C_{12}\left(\int(f'+\gamma)(v\psi-\ln v\psi-1)d\xi+\int\gamma(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)d\xi+\int\frac{1}{2}(c\gamma-1)^2d\xi+1\right).$$

Каалагандай $\delta_i,\ i=\overline{1,4}$ турактууларын $\sum_{i=1}^{4}\delta_i<\frac{1}{2}$ боло тургандай кылып тандайбыз. Алынган барабарсыздыкты убакыт t боюнча интегралдап чыгабыз жана Гронуолланын леммасын колдонобуз. Баштапкы өзгөрүлмөлөргө кайра кайтып, (2.1.4) тү эсепке алуу менен (2.1.6) баалоосун алабыз.

Лемма далилденди.

2.1.3. Изделүүчү функциялардын арасындагы жардамчы катыштар. [2] де колдонулган ыкма менен , R сан огун жана тиешелүү түрдө Π тилкесин чектүү кесиндилерге жана тик бурчтуктарга ажыратабыз:

$$R=\bigcup_{N=-\infty}^{\infty}\bar{\Omega}_N,\quad \Pi=\bigcup_{N=-\infty}^{\infty}\bar{Q}_N,$$

$$\Omega_N=\{x|\ N<x<N+1\},\ Q_N=\Omega_N\times(0,T),\ N=0,\pm1,\pm2,\ldots$$

Ушундай тик бурчтуктардын ичинен каалагандай тартипте бирөөсүн алабыз. (2.1.6) да $v\psi>0,\ \varphi\theta>0$ болгон учурда $(v\psi-\ln v\psi-1),(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)$ функциялары терс эмес болгондуктан,

$$U_N(t)+\int_0^t W_N(\tau)d\tau\le E, \qquad (2.1.11)$$

болот, мында интегралдар U_N жана W_N аныктамасында Ω_N боюнча алынат.

Мындан, [2] ге ылайык, N ден көз каранды болбогон жана

$$\frac{n(E)}{C_1} \le \int_N^{N+1} v(x,t)\,dx \le M(E)C_1,\ \frac{n(E)}{C_4} \le \int_N^{N+1} \theta(x,t)\,dx \le M(E)C_4,\ \forall t \in [0,T]. \qquad (2.1.12)$$

болгондой $n(E), M(E)$ оң турактуулары жашайт.

(2.1.11) ден каалагандай $t \in [0,T]$ учурунда ар бир Ω_N аймагында

$$\frac{n(E)}{C_1} \le v(a(t),t) \le M(E)C_1,\ \frac{n(E)}{C_4} \le \theta(a_1(t),t) \le M(E)C_4. \qquad (2.1.13)$$

боло тургандай $a(t)=a_N(t) \in [N, N+1]$, $a_1(t)=a_{1N}(t) \in [N, N+1]$ чекиттеринин жашай тургандыгын алабыз.

(2.1.1) - системанын биринчи жана үчүнчү теңдемелеринен Q_N тик бурчтуктарынын ар биринде изделүүчү функциялардын ортосундагы бирлен жардамчы катыш келтирилип чыгарылат.

$$v(x,t) = I^{-1}(t)B^{-1}(x,t)\left[v_0(x) + \int_0^t \theta(x,\tau) I(\tau) B(x,\tau)\,d\tau\right], \qquad (2.1.14)$$

мында

$$I(t) = I_N(t) = \frac{v_0(a(t))}{v(a(t),t)} \exp\left\{\int_0^t \frac{\theta}{v}(a(t),\tau)\,d\tau\right\},$$

$$B(x,t) = B_N(x,t) = \exp\left\{\int_{a(t)}^{x} (u_0(\xi) - u(\xi,t))\,d\xi\right\}.$$

Төмөнкү баалоолор орун алат:

$$0 < K_4^{-1} \le B(x,t) \le K_4,\ 0 < K_5^{-1} \le I(t) \le K_5,\ \forall x \in \Omega_N,\ \forall t \in [0,T] \qquad (2.1.15)$$

Далилдөөсү (2.1.6) баалоолордон жана (2.1.14) көрүнүшүнөн келип чыгат.

2.1.4. Тыгыздык (салыштырма көлөм) жана температура үчүн баалоолор. Айталы $h(x,t)$ – үзгүлтүксүз функция болсун. Төмөндөгүдөй белгилөөлөрдү киргизебиз:

$$M_h(t) = \max_{|x|<\infty} h(x,t),\quad m_h(t) = \min_{|x|<\infty} h(x,t).$$

2.1.2- ЛЕММА. Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоо орун алат

$$m_v(t) \ge N_2,\quad \forall t \in [0,T].$$

Далилдөөсү теореманын шарттарын жана (2.1.15) ти эсепке алуу менен (2.1.14) көрүнүшүнөн келип чыгат. Лемма далилденди.

2.1.3 - ЛЕММА. Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоо орун алат

$$M_v(t)\le N_3 \quad \forall\, t\in[0,T].$$

Далилдөө. [50] дө белгилүү болгондой төмөнкү баалоо орун алат:

$$M_\theta(t)\le C_\varepsilon A(t)M_v(t)+C, \text{ мында } \qquad A(t)=\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}dx. \qquad (2.1.16)$$

(2.1.15), (2.1.16) ларды эсепке алуу менен (2.1.14) төн төмөнкү баалоону алабыз

$$M_v(t)\le C_{13}\left[1+\int_0^t A(\tau)M_v(\tau)d\tau\right].$$

Ага Гронуолланын леммасын колдонобуз. (2.1.6) - баалоолорду эсепке алуу менен лемманын ырасталышын алабыз. Лемма далилденди.

(2.1.16) дан, (2.1.6) - баалоолорду жана 2.1.3-лемманы эсепке алуу менен, төмөнкү баалоону алабыз

$$\int_0^t M_\theta(t)dt\le K_6, \quad \forall t\in[0,T]. \qquad (2.1.17)$$

2.1.5. Изделүүчү функциялардан алынган туундулар үчүн баалоолор. (2.1.1) – системанын экинчи теңдемесин $\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}c_x\right)$ га көбөйтүп, андан соң R боюнча интегралдайбыз. Бөлүктөп интегралдоону колдонуп төмөнкүгө ээ болобуз

$$\frac{1}{2}\frac{d}{dt}\int\frac{c_x^2}{v}dx+\int\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x^2dx=-\frac{1}{2}\int\frac{1}{v^2}c_x^2u_xdx+\int cg\left(\frac{1}{v}c_x\right)_xdx=I_1+I_2. \qquad (2.1.18)$$

Юнгдун, Кошинин, камылуу (2.1.6), (2.1.9) барабарсыздыктарын, 2.1.2-лемманы, g функциясынын $(\varphi\theta)^{1/2}$ боюнча липшицалдуулугун пайдаланып $I_k,\ k=1,2$ ларды баалайбыз:

$$I_1=\int\left(\frac{1}{v}c_x\right)\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x(u-f)dx-\frac{1}{2}\int\frac{1}{v^2}c_x^2f'dx\le$$

$$\le \max_{x\in R}\left|\frac{1}{v}c_x\right|\left(\int\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x^2 dx\right)^{1/2}\left(\int(u-f)^2dx\right)^{1/2}+C\int\frac{1}{v}c_x^2dx\le$$

$$\le\delta_1\int\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x^2dx+C\int\frac{1}{v}c_x^2dx.$$

Бул жерде

$$\max_{x\in R}\left(\frac{1}{v}c_x\right)^2\le 2\int\left|\frac{1}{v}c_x\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x\right|dx\le\frac{2}{N_2}\left(\int\frac{1}{v}c_x^2dx\right)^{1/2}\left(\int\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x^2dx\right)^{1/2}.$$

I_2 ни баалайбыз

$$I_2=\int cg\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x dx\le N_1\int\left|(\varphi\theta)^{1/2}-1\right|\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x dx\le$$

$$\le N_1\int\frac{\left|(\varphi\theta)^{1/2}-1\right|}{\sqrt{\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1}}\sqrt{\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1}\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x dx\le$$

$$\le N_1K_2\left(\int(\varphi\theta-\ln\varphi\theta-1)dx\right)^{1/2}\left(\int\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x^2dx\right)^{1/2}\le\delta_2\int\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x^2dx+C.$$

$\delta_1+\delta_2<1$ деп тандайбыз. (2.1.18) ди t боюнча интегралдоо жана (2.1.6) ны эсепке алуу менен төмөнкүнү табабыз:

$$\int\frac{c_x^2}{v}dx+\int_0^t\int\left(\frac{1}{v}c_x\right)_x^2dxdt\le N_4,\quad\forall t\in[0,T]. \qquad (2.1.19)$$

(2.1.1) - системанын үчүнчү теңдемесин $(u-f)$ ке көбөйтүп андан соң R боюнча интегралдайбыз:

$$\frac{1}{2}\frac{d}{dt}\int(u-f)^2dx+\int\left\{\frac{u_x^2}{v}+\frac{\theta}{v}f'\right\}dx=\int\frac{1}{v}u_xf'dx+\int\frac{\theta}{v}u_xdx=J_1+J_2. \qquad (2.1.20)$$

Оң жактагы интегралдарды Кошинин барабарсыздыгы боюнча (2.1.4), (2.1.6), (2.1.9) дарды, салыштырма көлөмдүн чектелгендигин пайдаланып баалайбыз.

$$J_1\le\varepsilon_1\int\frac{1}{v}u_x^2dx+C\int(f')^2dx\le\varepsilon_1\int\frac{1}{v}u_x^2dx+C.$$

$$J_2=\int\frac{\varphi\theta-1}{\varphi v}u_xdx+\int\frac{1}{\varphi v}u_xdx=I_1+I_2.$$

Ар бир $I_k,\ k=1,2$, ларды баалайбыз

$$I_1 \le \left|\int \frac{\varphi\theta - 1}{\varphi v} u_x dx\right| \le \frac{1}{C_4}\int \frac{\left|(\varphi\theta)^{1/2}-1\right|\left((\varphi\theta)^{1/2}+1\right)}{\sqrt{\varphi\theta - \ln\varphi\theta - 1}}\sqrt{\varphi\theta - \ln\varphi\theta - 1}\cdot\frac{|u_x|}{v}dx \le$$

$$\le C M_\theta^{1/2}(t)\left(\int \frac{1}{v}u_x^2 dx\right)^{1/2}\left(\int(\varphi\theta - \ln\varphi\theta - 1)dx\right)^{1/2} \le \varepsilon_2\int\frac{1}{v}u_x^2 dx + C\left(1+M_\theta(t)\right).$$

$$I_2 = \int \frac{1}{\varphi v}u_x dx = \int \frac{1}{\varphi}\frac{\partial \ln v\psi}{\partial t}dx = -\frac{d}{dt}\int\frac{1}{\varphi}(v\psi - \ln v\psi - 1)dx + \int\frac{\psi}{\varphi}\frac{\partial v}{\partial t}dx =$$

$$= -\frac{d}{dt}\int\frac{1}{\varphi}(v\psi - \ln v\psi - 1)dx + \int\frac{\psi}{\varphi}(u-f)_x dx + \int\frac{\psi}{\varphi}f' dx =$$

$$= -\frac{d}{dt}\int\frac{1}{\varphi}(v\psi - \ln v\psi - 1)dx - \int\left(\frac{\psi'}{\varphi} - \frac{\psi\varphi'}{\varphi^2}\right)(u-f)dx + \int\frac{\psi}{\varphi}f' dx \le$$

$$\le -\frac{d}{dt}\int\frac{1}{\varphi}(v\psi - \ln v\psi - 1)dx + C\left(\|u-f\|^2+1\right) \le -\frac{d}{dt}\int\frac{1}{\varphi}(v\psi - \ln v\psi - 1)dx + C.$$

Ошентип,

$$J_2 \le -\frac{d}{dt}\int\frac{1}{\varphi}(v\psi - \ln v\psi - 1)dx + \varepsilon_2\int\frac{1}{v}u_x^2 dx + C\left(1+M_\theta(t)\right)$$

$\varepsilon_1 + \varepsilon_2 < 1$ деп тандайбыз. (2.1.20) дан, t боюнча интегралдагандан кийин, (2.1.17) ни жана 2.1.3-лемманы эсепке алуу менен , төмөнкүнү алабыз:

$$\int_0^t \|u_x(\tau)\|^2 d\tau \le N_5, \quad \forall t \in [0,T]. \qquad (2.1.21)$$

2.1.4- ЛЕММА. Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоо орун алат

$$\int_0^t\int\left[\frac{\theta_x^2}{v\theta^{3/2}} + \frac{u_x^2}{v\theta^{1/2}}\right]dxd\tau \le K_7, \quad \forall t \in [0,T]. \qquad (2.1.22)$$

Далилдөө. (2.1.1) – системанын жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемесин $\left(\frac{\varphi^{1/2}}{\theta^{1/2}} - \frac{1}{\theta}\right)$ ге көбөйтүп, анан R боюнча интегралдайбыз:

$$\int\left[\frac{1}{2}\frac{\varphi^{1/2}\theta_x^2}{v\theta^{3/2}} + \frac{\varphi^{1/2}u_x^2}{v\theta^{1/2}}\right]dx = 2\frac{d}{dt}\int\left((\varphi\theta)^{1/2} - \ln(\varphi\theta)^{1/2} - 1\right)dx +$$

$$+\int\left[\frac{\theta_x^2}{v\theta^2} + \frac{u_x^2}{v\theta}\right]dx + \int\frac{(\varphi\theta)^{1/2}-1}{v}u_x dx + \frac{1}{2}\int\frac{\theta_x\varphi'}{v\theta^{1/2}\varphi^{1/2}}dx - \qquad (2.1.23)$$

$$-\frac{1}{2}\int\frac{c_x\theta^{1/2}\varphi'}{v\varphi^{1/2}}dx+\frac{1}{2}\int\frac{\theta_x c_x\varphi^{1/2}}{v\theta^{1/2}}dx+\int\frac{\theta_x c_x}{v\theta}dx-\int cg\frac{(\varphi\theta)^{1/2}-1}{\theta}dx=\sum_{1}^{8}J_k\,.$$

(2.1.23) нүн оң жагындагы интегралдарды Кошинин, Юнгдун, камтылуу барабарсыздыктарын, $g(\rho,c,\varphi\theta)$ функциясынын $(\varphi\theta)^{1/2}$ боюнча липшицалуулугун, (2.1.4), (2.1.8), (2.1.9), (2.1.19) дарды жана 2.1.1 – 2.1.3-леммалардын жыйынтыктарын пайдаланып баалайбыз.

$$J_3=\int_{\sigma_1(t)}\frac{(\varphi\theta)^{1/2}-1}{\sqrt{\varphi\theta-ln\varphi\theta-1}}\sqrt{\varphi\theta-ln\varphi\theta-1}\,\frac{u_x}{v}dx\le$$

$$\le C\left(\int u_x^2dx\right)^{1/2}\left(\int\left(\varphi\theta-ln\varphi\theta-1\right)dx\right)^{1/2}\le C\left(\|u_x\|^2+1\right).$$

$$J_4\le\left|\int\frac{\theta_x\varphi'}{v\theta^{1/2}\varphi^{1/2}}dx\right|\le\left(\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}dx\right)^{1/2}\left(\int\frac{\theta}{v\varphi}\varphi'^2dx\right)^{1/2}\le\frac{1}{2}\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}dx+\frac{C_4\delta}{2}\int\frac{\theta}{v}f'\,dx.$$

$$J_5\le\left|\int\frac{c_x\theta^{1/2}\varphi'}{v\varphi^{1/2}}dx\right|\le\left(\int\frac{c_x^2}{v}dx\right)^{1/2}\left(\int\frac{\theta}{v\varphi}\varphi'^2dx\right)^{1/2}\le\frac{C_4\delta}{2}\int\frac{\theta}{v}f'\,dx+C.$$

$$J_6\le\left|\int\frac{\theta_x c_x\varphi^{1/2}}{v\theta^{1/2}}dx\right|=CM_\theta^{1/2}(t)\left(\int\frac{c_x^2}{v}dx\right)^{1/2}\left(\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}dx\right)\le C\left(M_\theta(t)+\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}dx\right).$$

$$J_7\le\left|\int\frac{\theta_x c_x}{v\theta}dx\right|\le\left(\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}dx\right)^{1/2}\left(\int\frac{c_x^2}{v}dx\right)^{1/2}\le C\left(\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}dx+1\right).$$

$$J_8\le\left|\int cg\frac{(\varphi\theta)^{1/2}-1}{\theta}dx\right|\le N_1\int\frac{\left((\varphi\theta)^{1/2}-1\right)^2}{\theta}dx\le$$

$$\le N_1\int\left(\frac{(\varphi\theta)^{1/2}-1}{(\varphi\theta)^{1/2}\sqrt{\varphi\theta-ln\varphi\theta-1}}\right)^2\varphi(\varphi\theta-ln\varphi\theta-1)dx\le C.$$

[78] ден белгилүү болгондой төмөнкү барабарсыздык орун алат

$$\int\left((\varphi\theta)^{1/2}-ln(\varphi\theta)^{1/2}-1\right)dx\le C_{14}\int\left(\varphi\theta-ln\varphi\theta-1\right)dx.$$

(2.1.23) ден алынган

$$\int\left[\frac{1}{2}\frac{\varphi^{1/2}\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}+\frac{\varphi^{1/2}u_x^2}{v\theta^{1/2}}\right]dx\le 2\frac{d}{dt}\int\left((\varphi\theta)^{1/2}-ln(\varphi\theta)^{1/2}-1\right)dx+$$

$$+C\int\left[\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}+\frac{u_x^2}{v\theta}+\frac{\theta}{v}f'\right]dx+C\left(\|u_x\|^2+M_\theta(t)+1\right)$$

барабарсыздыгын t боюнча интегралдап чыгабыз. (2.1.4), (2.1.6), (2.1.17), (2.1.21) лерди эсепке алуу менен (2.1.22) баалоосун алабыз. Лемма далилденди.

2.1.5-Лемма. Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоосу орун алат

$$\max_{0\le t\le T}\|v_x(t)\|\le N_6$$

. *Далилдөө*. (2.1.1)-системанын экинчи

$$\frac{\partial}{\partial t}\left(\frac{\partial \ln v\psi}{\partial x}\right)=\frac{\partial(u-f)}{\partial t}+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\theta}{v}\right)$$

теңдемесин $(\ln v\psi)_x$ ке көбөйтүп, анан R боюнча интегралдайбыз.

$$\frac{1}{2}\frac{d}{dt}\int(\ln v\psi)_x^2\,dx+\int\frac{\theta}{v}(\ln v\psi)_x^2\,dx=\frac{d}{dt}\int(u-f)(\ln v\psi)_x dx+ \qquad (2.1.24)$$

$$+\int\frac{1}{v}u_x^2\,dx+\int\frac{1}{v}\theta_x(\ln v\psi)_x dx-\int\frac{1}{v}u_x f'\,dx+\int\frac{\theta}{v}(\ln v\psi)_x\frac{\psi'}{\psi}\,dx=\sum_1^5 I_k\,.$$

(2.1.24) түн оң жагындагы интегралдарды Кошинин, Юнгдун, камтылуу жана (2.1.4), (2.1.12) барабарсыздыктарын, 2.1.1 – 2.1.4-леммалардын жыйынтыктарын пайдаланып баалайбыз.

$$I_3\le\left|\int\frac{1}{v}(\ln v\psi)_x\theta_x\,dx\right|\le\frac{1}{N_2^{1/2}}\left(\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)^{1/2}\left(\int(\ln v\psi)_x^2 dx\right)^{1/2}M_\theta^{3/4}(t)\le$$

$$\le C\left(\left(\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)\|(\ln v\psi)_x\|^2+M_\theta^{3/2}(t)\right)\le C\left(\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)\left(\|(\ln v\psi)_x\|^2+1\right)+C.$$

Төмөнкү баалоо орун алат

$$M_\theta^{3/2}(t)\le C_{15}\left[1+\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right],$$

анткени

$$\max_{\Omega_N}\theta^{3/4}(x,t)\le\left(C_4M(E)\right)^{3/4}+\frac{3}{4}\int_N^{N+1}\left|\frac{\theta_x}{\theta^{1/4}}\right|dx\le$$

$$\le\left(C_4M(E)\right)^{3/4}+\left(\int_N^{N+1}\frac{\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)^{1/2}\left(\int_N^{N+1}v\theta dx\right)^{1/2}\le$$

$$\le\left(C_4M(E)\right)^{3/4}+\left(C_4M(E)\right)^{1/2}N_3^{1/2}\left(\int\frac{\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)^{1/2}.$$

Андан ары

$$I_4 \le \left| \int \frac{1}{v} u_x f' dx \right| \le \frac{1}{2} \int \frac{1}{v} u_x^2 dx + \frac{1}{2} \int \frac{1}{v} (f')^2 dx \le C\left(\|u_x\|^2 + 1 \right).$$

$$I_5 \le \left| \int \frac{\theta}{v} (\ln v\psi)_x \frac{\psi'}{\psi} dx \right| \le \varepsilon \int \frac{\theta}{v} (\ln v\psi)_x^2 dx + C_\varepsilon \int \frac{\theta}{v} \left(\frac{\psi'}{\psi} \right)^2 dx \le$$

$$\le \varepsilon \int \frac{\theta}{v} (\ln v\psi)_x^2 dx + C M_\theta(t), \qquad \varepsilon < 1.$$

(2.1.24) төн төмөнкү барабардыкты алабыз

$$\frac{1}{2}\frac{d}{dt} \int \left(\ln v\psi \right)_x^2 dx + \int \frac{\theta}{v} \left(\ln v\psi \right)_x^2 dx = \frac{d}{dt} \int (u - f)\left(\ln v\psi \right)_x dx +$$

$$+ C\left(\int \frac{\theta_x^2}{v\theta^{3/2}} dx + 1 \right)\left(\|(\ln v\psi)_x\|^2 + 1 \right) + C\left(\|u_x\|^2 + M_\theta(t) + 1 \right).$$

Аны t боюнча интегралдап чыгып, анан Гронуолланын леммасын пайдаланабыз. (2.1.17), (2.1.21), (2.1.22) лерди эсепке алуу менен төмөнкүнү табабыз

$$\int \|(\ln v\psi)_x\|^2 dx + \int_0^T \int \frac{\theta}{v} (\ln v\psi)_x^2 dx dt \le K_8.$$

Мындан, (2.1.4) нү салыштырма көлөмдүн чектелгендигин эске алуу менен лемманын ырасталышын алабыз. Лемма далилденди.

2.1.3, 2.1.5-леммалардын жыйынтыктарын эсепке алуу менен (2.1.19) дан төмөнкү алабыз

$$\max_{0 \le t \le T} \| c_x(t) \|^2 + \int_0^T \| c_{xx}(t) \|^2 dt \le N_7. \qquad (2.1.25)$$

(2.1.1) - системанын үчүнчү жана төртүнчү теңдемелерин карайбыз.

$$M_\theta(t) \le C\left(1+\|\theta_x\|\right) \le N_{20}.$$

(3.1.1) теңдемелер системасынан түздөн-түз төмөнкү баалоолорду алабыз:

$$\max_{0\le t\le T}\|v_t(t)\|^2 + \int_0^T \left(\|u_t(t)\|^2 + \|v_{xt}(t)\|^2 + \|\theta_t(t)\|^2 + \|H_t(t)\|^2 + \|E_t(t)\|^2\right)dt \le N_{21}.$$

Ошону менен теореманын далилдениши үчүн зарыл болгон бардык априордук баалоолорду келтирип чыгардык. Чечимдин жалгыздыгы 3.1.7 бөлүнө окшош эки мүмкүн болгон чечимдин айырмасына карата бир тектүү теңдемени түзүү менен далилденет.

3.1.1-теорема далилденди.

§3.2. ӨЗГӨРҮЛМӨ ЖЫЛУУЛУК ӨТКӨРҮМДҮҮЛҮК КОЭФФИЦИЕНТИНЕ ЭЭ БОЛГОН МАГНИТТИК ЭЛЕКТРОГАЗО-ДИНАМИКАНЫН ТЕҢДЕМЕЛЕРИ ҮЧҮН ЧЕКТИК МАСЕЛЕ

3.1.2. Маселенин коюлушу жана негизги жыйынтык. Магниттик ЭГД нын теңдемелер системасы массалык лагранждык координаталарда төмөндөгүдөй көрүнүшкө ээ.

$$\frac{\partial v}{\partial t}-\frac{\partial u}{\partial x}=0, \quad v=\frac{1}{\rho},$$

$$\frac{\partial u}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\mu}{v}\frac{\partial u}{\partial x}\right)-\frac{\partial p}{\partial x}-\mu_e H\frac{\partial H}{\partial x}+\varepsilon E\frac{\partial E}{\partial x}, \quad p=r\frac{\theta}{v},$$

$$\frac{\partial \theta}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\lambda(\theta,v)}{v}\frac{\partial \theta}{\partial x}\right)-p\frac{\partial u}{\partial x}+\frac{\mu}{v}\left(\frac{\partial u}{\partial x}\right)^2+\frac{\mu_e\mu_H}{v}\left(\frac{\partial H}{\partial x}\right)^2+b\varepsilon vE^2\frac{\partial E}{\partial x},$$

$$\frac{\partial}{\partial t}vH=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\mu_H}{v}\frac{\partial H}{\partial x}\right), \tag{3.2.1}$$

$$\frac{\partial E}{\partial t}=-bE\frac{\partial E}{\partial x}.$$

Бул жерде $u, \rho, v, \theta, p, H, E$ – тиешелүү түрдө ылдамдык, тыгыздык, салыштырма көлөм, температура, басым, магниттик талаанын чыңалуучулугу, электрдик талаанын чыңалуучулугу; $\mu, \varepsilon, \mu_e, \mu_H, b, r$ – оң туруктуулар.

Өткөрүмдүү эмес диэлектрдик дубалга ээ болгон $Q=\{(x,t): 0<x<1, 0<t<T\}$ аймагында илешкээк жылуулук өткөрүмдүү газдын магниттик талааны эсепке алуу менен болгон кыймылы жөнүндөгү маселени карайбыз.

Чектик шарттар төмөнкү көрүнүшкө ээ болушат:

$$u=H=\frac{\partial \theta}{\partial x}=0 \qquad x=0 \text{ жана } x=1 \text{ болгондо, } E\big|_{x=0}=\frac{\partial E}{\partial x}\bigg|_{x=0}=0. \tag{3.2.2}$$

Баштапкы $t=0$ моментинде ылдамдыктын, салыштырма көлөмдүн, температуранын, чыңалуулардын бөлүштүрүлүшү белгилүү деп божомолдонот:

$$u\big|_{t=0}=u_0(x), \; v\big|_{t=0}=v_0(x), \; \theta\big|_{t=0}=\theta_0(x), \; E\big|_{t=0}=E_0(x), \; H\big|_{t=0}=H_0(x), \tag{3.2.3}$$

жана $0<m_0\leq(v_0(x),\theta_0(x))\leq M_0<\infty, \quad x\in\Omega.$

Баштапкы салыштырма көлөм төмөнкү касиетке ээ болот деп эсептөөгө болот:

$$\int_0^1 v_0(x)dx=1. \qquad (3.2.4)$$

3.2.2-ТЕОРЕМА. *Айталы (3.2.3) баштапкы берилиштери төмөндөгүдөй жылмакайлык касиеттерине ээ болушсун:*

$$(v_0, u_0, \theta_0, H_0, E_0) \in W_2^1(\Omega),$$

$$u_0(0)=u_0(1)=0,\ H_0(0)=H_0(1)=0,\ E_0(0)=E_0'(0)=0,\ E_0'(x)\geq 0$$

жана жылуулук өткөрүмдүүлүк коэффициенти үчүн төмөнкү шарттардын бири аткарылсын:

1) $\lambda(\theta,v)=\chi\theta,$ *2)* $\lambda(\theta,v)=\chi v,\ \chi=const>0.$

Анда каалагандай чектүү T *га ээ болгон* $Q=\Omega\times(0,T)$ *аймагында (3.2.1) – (3.2.3) маселесинин жалгыз жалпыланган чечими жашайт жана*

$$(v(t),E(t))\in L_\infty(0,T;W_2^1(\Omega)),\quad (v_t,\ u_t,\ \theta_t,\ H_t,\ E_t)\in L_2(Q),$$

$$(u(t),\theta(t),H(t))\in L_\infty(0,T;W_2^1(\Omega))\cap L_2(0,T;W_2^2(\Omega)),\quad Q=\Omega\times(0,T),\ \Omega=(0,1),$$

орун алат. $v(x,t),\ \theta(x,t)$ *– такай оң, чектелген функциялар.*

3.2.2. Априордук баалоолор. Жалпылыкты чектебестен туруп, (3.2.1) - системадагы бардык оң турактууларды бирге барабар деп кабыл алабыз. (3.2.1) – (3.2.3) маселесинин чечими жашайт деп божомол кылабыз.

(3.2.1) системасынын теңдемелеринен жана маселенин берилгендерине коюлган чектөөлөрдөн $v(x,t),\ \theta(x,t)$ функцияларынын терс эмес экендиги көрүнүп турат. [91] ден төмөнкүгө ээ болобуз

$$E\geq 0,\quad E_x\geq 0,\quad \forall(x,t)\in Q. \qquad (3.2.5)$$

3.2.1- ЛЕММА. *Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоолор орун алат:*

$$\int_0^1 v(x,t)dx=1, \qquad (3.2.6)$$

$$\int_0^1 \left\{\frac{1}{2}u^2+\frac{1}{2}vH^2+\frac{1}{2}vE^2+(v-\ln v-1)+(\theta-\ln\theta-1)\right\}dx+$$

$$+\int_0^t\int_0^1\left[\frac{u_x^2}{v\theta}+\frac{H_x^2}{v\theta}+\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^2}+\frac{vE^2E_x}{\theta}\right]dxd\tau\le N_1. \qquad (3.2.7)$$

Далилдөө. (3.2.1) системасынын үзгүлтүксүздүк теңдемесинен жана (3.2.4) төн тикеден-тике (3.2.6) ны алабыз.

(3.2.1) системасынын үзгүлтүксүздүк теңдемесин $\left(\frac{1}{2}E^2+1-\frac{1}{v}\right)$ га, импульса теңдемесин u га, жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемесин $\left(1-\frac{1}{\theta}\right)$ га, магниттик талаа теңдемесин Hка, электрдик талаа теңдемесин Ev га көбөйтөбүз

$$\frac{E^2}{2}\frac{\partial v}{\partial t}+\frac{\partial}{\partial t}(v-\ln v-1)=\frac{1}{2}E^2u_x+u_x-\frac{1}{v}u_x,$$

$$\frac{1}{2}\frac{\partial u^2}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{uu_x}{v}\right)-\frac{1}{v}u_x^2-\frac{\partial}{\partial x}\left(u\frac{\theta}{v}\right)+\frac{\theta}{v}u_x-$$

$$-\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{H^2}{2}u\right)+\frac{H^2}{2}u_x+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{u}{2}E^2\right)-\frac{E^2}{2}u_x,$$

$$\frac{\partial}{\partial t}(\theta-\ln\theta-1)=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x}{v}-\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x}{v\theta}\right)-\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^2}-\frac{\theta}{v}u_x+$$

$$+\frac{u_x}{v}+\frac{u_x^2}{v}-\frac{u_x^2}{v\theta}+\frac{H_x^2}{v}-\frac{H_x^2}{v\theta}+vE^2E_x-\frac{vE^2E_x}{\theta},$$

$$\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{2}vH^2\right)=-\frac{H^2}{2}u_x+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}H\cdot H_x\right)-\frac{H_x^2}{v},$$

$$\frac{1}{2}v\frac{\partial E^2}{\partial t}=-vE^2E_x.$$

Кошуп, анан $Q=\Omega\times(0,t)$ боюнча интегралдайбыз

$$\int_0^1\left\{\frac{1}{2}u^2+\frac{1}{2}vH^2+\frac{1}{2}vE^2+(v-\ln v-1)+(\theta-\ln\theta-1)\right\}dx+$$

$$+\int_0^t\int_0^1\left[\frac{u_x^2}{v\theta}+\frac{H_x^2}{v\theta}+\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^2}+\frac{E_xE^2v}{\theta}\right]dxd\tau=$$

$$=\int_0^1\left\{\frac{1}{2}u_0^2+\frac{1}{2}v_0H_0^2+\frac{1}{2}v_0E_0^2+(v_0-\ln v_0-1)+(\theta_0-\ln\theta_0-1)\right\}dx.$$

Теореманын шарттарын эсепке алуу менен (3.2.7) баалоосун алабыз. Лемма далилденди.

(3.2.7) ден төмөнкү баалоону алабыз

$$\int_0^1 \theta(x,t)dx \le N_2, \qquad \forall t \in [0,T]. \tag{3.2.8}$$

(3.2.6) дан $\forall t \in [0,T]$ үчүн $v(a(t),t)=1$ боло тургандай чектелген ченелүүчү $a(t)$ функциясынын жашашын алабыз.

Айталы $h(x,t)$ – үзгүлтүксүз функция болсун. Мындай белгилөөлөрдү киргизебиз

$$M_h(t) = \max_{0\le x\le 1} h(x,t), \qquad m_h(t) = \min_{0\le x\le 1} h(x,t).$$

(3.1.9), (3.1.10) го окшош төмөнкү баалоолорго ээ болобуз

$$\frac{1}{2}\int_0^1 E^2\,dx + \int_0^t\int_0^1 E^2 E_x\,dx\,d\tau \le N_3. \tag{3.2.9}$$

$$\int_0^T M_E^2(t)dt \le N_4. \tag{3.2.10}$$

(3.2.1) системасынын үзгүлтүксүздүк жана импульс теңдемелеринен изделүүчү функциялардын арасындагы бир жардамчы катыш келтирилип чыгарылат

$$v(x,t) = I^{-1}(t)B^{-1}(x,t)[v_0(x) + \int_0^t \left(\theta + \frac{1}{2}vH^2\right)(x,\tau)I(\tau)B(x,\tau)d\tau], \tag{3.2.11}$$

мында

$$B(x,t) = \exp\left\{\int_{a(t)}^x (u_0(\xi) - u(\xi,t))d\xi + \int_0^t \frac{E^2}{2}(x,t)dt\right\},$$

$$I(t) = v_0(a(t))\exp\left\{\int_0^t \left(\frac{\theta}{v} + \frac{1}{2}H^2 - \frac{1}{2}E^2\right)(a(t),t)dt\right\}.$$

Төмөнкү баалоолор орун алат

$$0 < K_1^{-1} \le B(x,t) \le K_1, \quad \forall (x,t) \in Q. \tag{3.2.12}$$

$$0 < K_2^{-1} \le I(t) \le K_2, \quad \forall t \in [0,T]. \tag{3.2.13}$$

Далилдөөсү 3.1.2 бөлүнө окшош.

3.2.3. Салыштырма көлөм жана температура үчүн баалоолор.

3.2.2- ЛЕММА. *Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоолор орун алат*

$$m_v(t)\geq N_5,\quad m_\theta(t)\geq N_6,\quad \forall t\in[0,T]. \qquad (3.2.14)$$

Далилдөө. (3.2.11) – (3.2.13) төн салыштырма көлөмдүн төмөн жагынан чектелгендигин алабыз. Температуранын катуу оң болушу (3.2.1) системасынын жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемесинен алабыз.

Лемма далилденди.

Төмөнкү баалоолор орундалат

$$\int_0^t\left(M_\theta(\tau)+M_H^2(\tau)\right)d\tau\leq N_7,\quad \forall t\in[0,T] \qquad (3.2.15)$$

Чындыгында эле,

$$M_\theta^{1/2}(t)\leq N_2^{1/2}+\frac{1}{2}\int_0^1\left|\frac{\theta_x}{\theta^{1/2}}\right|dx\leq N_2^{1/2}+\frac{1}{2}\left(\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^2}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1\frac{\theta v}{\lambda(\theta,v)}dx\right)^{1/2},$$

$$M_H^2(t)\leq 2\int_0^1|HH_x|\,dx\leq 2\left(\int_0^1\frac{H_x^2}{v\theta}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1 vH^2dx\right)^{1/2}M_\theta^{1/2}(t)\leq C\left(\int_0^1\frac{H_x^2}{v\theta}dx+M_\theta(t)\right).$$

(3.2.6) – (3.2.8) дерди пайдаланып, төмөнкүнү алабыз

$$M_\theta(t)\leq C\left(\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^2}dx+1\right),$$

$$M_H^2(t)\leq C\left(\int_0^1\frac{H_x^2}{v\theta}dx+\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^2}dx+1\right).$$

t боюнча интегралдап, (3.2.7) ни эсепке алуу менен (3.2.15) ти алабыз.

3.2.3- ЛЕММА. *Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоолор орун алат*

$$M_v(t)\leq N_8,\quad \forall t\in[0,T]. \qquad (3.2.16)$$

Далилдөө. (3.2.11) көрүнүшү (3.2.12), (3.2.13) төрдү эсепке алуу менен төмөнкү барабарсыздыкты берет

$$M_v(t)\leq C_6\left[1+\int_0^t\left(M_\theta(\tau)+M_H^2(\tau)M_v(\tau)\right)d\tau\right].$$

Гронуолланын леммасын колдонуп, (3.2.15) баалоосун эсепке алуу менен салыштырма көлөмдүн жогору жагынан чектелгендигин алабыз. Лемма далилденди.

3.2.4- ЛЕММА. *Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоолор орун алат*

$$\int_0^t\int_0^1\left(\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}+\frac{u_x^2}{v\theta^{1/2}}+\frac{H_x^2}{v\theta^{1/2}}+\frac{vE^2E_x}{\theta^{1/2}}\right)dxd\tau\le N_9. \qquad (3.2.17)$$

Далилдөө (3.2.1) системасынын жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемесин $\frac{1}{\theta^{1/2}}$ ге көбөйтүп андан соң Ω боюнча интегралдайбыз

$$\int_0^1\left(\frac{1}{2}\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}+\frac{u_x^2}{v\theta^{1/2}}+\frac{H_x^2}{v\theta^{1/2}}+\frac{vE^2E_x}{\theta^{1/2}}\right)dx=2\frac{d}{dt}\int_0^1\theta^{1/2}\,dx+\int_0^1\frac{\theta^{1/2}}{v}u_x\,dx. \qquad (3.2.18)$$

(3.2.18) дин оң жагындагы акыркы интегралдарды Юнгдун, Кошинин барабарсыздыктарын, жана (3.2.8), (3.2.14) тү пайдалануу менен баалайбыз.

$$\int_0^1\frac{\theta^{1/2}}{v}u_x\,dx\le\left(\int_0^1\frac{u_x^2}{v\theta^{1/2}}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1\frac{\theta}{v}dx\right)^{1/2}M_\theta^{1/4}(t)=\delta\int_0^1\frac{u_x^2}{v\theta^{1/2}}dx+C(M_\theta(t)+1).$$

(3.2.18) ден алынган барабарсыздыкты t боюнча интегралдайбыз. Каалагандай $0<\delta<1$ ны (3.2.8), (3.2.15) ти эсепке алуу менен тандап (3.2.17) ни алабыз. Лемма далилденди.

3.1.4. Изделүүчү функциялардан болгон туундулар үчүн баалоолор.

(3.1.22) – (3.1.24) кө окшош төмөнкү баалоолорду алабыз

$$\max_{0\le t\le T}\|E_x(t)\|^2+\int_0^T\int_0^1 E_x^3\,dxd\tau+\int_0^T EE_x^2\Big|_{x=1}d\tau\le N_{10}, \qquad (3.2.19)$$

$$M_E^2(t)\le N_{11},\quad \forall t\in[0,T]. \qquad (3.2.20)$$

$$\int_0^t\int_0^1\left(\|u_x(t)\|^2+\|H_x(t)\|^2\right)dxd\tau\le N_{12},\quad \forall t\in[0,T]. \qquad (3.2.21)$$

(3.2.1) системасынан биринчи теңдемени эсепке алуу менен өзгөртүлүп түзүлгөн экинчи

$$\frac{\partial}{\partial t}\left(\frac{\partial \ln v}{\partial x}\right)=\frac{\partial u}{\partial t}+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\theta}{v}\right)+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{2}H^2\right)-\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{2}E^2\right)$$

теңдемесин $(\ln v)_x$ ке көбөйтүп, анан Ω боюнча интегралдайбыз

$$\frac{1}{2}\frac{d}{dt}\int_0^1 (\ln v)_x^2\,dx + \int_0^1 \frac{\theta}{v}(\ln v)_x^2\,dx = \tag{3.2.22}$$

$$= \frac{d}{dt}\int_0^1 u(\ln v)_x dx + \int_0^1 \frac{1}{v}u_x^2\,dx + \int_0^1 \frac{1}{v}\theta_x(\ln v)_x dx + \int_0^1 HH_x(\ln v)_x\,dx - \int_0^1 EE_x(\ln v)_x\,dx.$$

(3.2.22) нин оң жагындагы интегралдардарды Юнгдун, Кошинин барабарсыздыктарын, камтылуу барабарсыздыгын, жана (3.2.8), (3.2.14), (3.2.16), (3.2.19), (3.2.20) баалоолорун пайдаланып баалайбыз.

$$\left|\int_0^1 \frac{1}{v}\theta_x(\ln v)_x dx\right| \le \left(\int_0^1 \frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1 (\ln v)_x^2 dx\right)^{1/2}\frac{M_\theta^{3/4}(t)}{m_v^{1/2}(t)m_\lambda^{1/2}(t)} \le$$

$$\le C\left(\left(\int_0^1 \frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)\|(\ln v)_x\|^2 + M_\theta^{3/2}(t)\right) \le C\left(\int_0^1 \frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx + 1\right)\left(\|(\ln v)_x\|^2 + 1\right),$$

анткени

$$M_\theta^{3/4}(t) \le N_2^{3/4} + \frac{3}{4}\int_0^1 \left|\frac{\theta_x}{\theta^{1/4}}\right| dx \le N_2^{3/4} + \frac{3}{4}\left(\int_0^1 \frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1 \frac{\theta v}{\lambda(\theta,v)}dx\right)^{1/2} \le$$

$$\le C\left(1 + \left(\int_0^1 \frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx\right)^{1/2}\right).$$

Калган интегралдар (3.1.25) тин оң жагындагы интегралдарга окшош бааланат. Алынган баалоолорду эсепке алуу менен (3.2.22) ден төмөнкүгө ээ болобуз

$$\frac{1}{2}\frac{d}{dt}\int_0^1 (\ln v)_x^2\,dx + \int_0^1 \frac{\theta}{v}(\ln v)_x^2\,dx \le \frac{d}{dt}\int_0^1 u(\ln v)_x dx + C\left(M_H^2(t) + \|u_x\|^2\right) +$$

$$+ C\left(\int_0^1 \frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v\theta^{3/2}}dx + \|H_x\|^2 + 1\right)\left(\|(\ln v)_x\|^2 + 1\right).$$

Алынган барабарсыздыкты (3.2.15), (3.2.17), (3.2.21) лерди, теореманын шарттарын жана төмөнкү баалоону эсепке алуу менен t боюнча интегралдайбыз

$$\int u(\ln v)_x\,dx \le C_\gamma + \gamma\|(\ln v)_x\|^2, \quad 0 < \gamma < \frac{1}{2}.$$

Гронуолланын леммасын колдонгондон кийин, (3.2.16) ны эсепке алуу менен төмөнкүнү алабыз

$$\max_{0\le t\le T}\|v_x\|^2 \le N_{13}. \tag{3.2.23}$$

(3.2.1) системасынын төртүнчү

$$\frac{\partial H}{\partial t}=\frac{1}{v^2}\frac{\partial^2 H}{\partial x^2}-\frac{1}{v^3}\frac{\partial v}{\partial x}\frac{\partial H}{\partial x}-\frac{1}{v}H\frac{\partial u}{\partial x}$$

теңдемесин H_{xx} ке көбөйтүп, $Q=\Omega\times(0,T)$ боюнча интегралдайбыз. (3.1.28) ди келтирип чыгаргандагыдай ой жүгүртүү менен, айрым өзгөртүп түзүүлөрдөн кийин төмөнкү баалоону табабыз

$$\max_{0\le t\le T}\|H_x(t)\|^2+\int_0^T\|H_{xx}(t)\|^2dt\le N_{14}. \tag{3.2.24}$$

(3.2.7), (3.2.16), (3.2.24) баалоолору жана

$$M_H^2(t)\le\|H(t)\|^2+\|H_x(t)\|^2$$

барабарсыздыгы төмөнкү баалоону беришет

$$M_H^2(t)\le N_{15}, \qquad \forall t\in[0,T]. \tag{3.2.25}$$

(3.2.1) системасынын импульс жана жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемелерин u_{xx} ке жана θ га тиешелүү түрдө көбөйтүп анан Ω боюнча интегралдайбыз

$$\begin{aligned}&\frac{1}{2}\frac{d}{dt}\|u_x\|^2+\int_0^1\frac{u_{xx}^2}{v}dx=\int_0^1\left(\frac{v_x}{v^2}u_x+\frac{\theta_x}{v}+\frac{v_x}{v^2}\theta+HH_x-EE_x\right)u_{xx}dx,\\&\frac{1}{2}\frac{d}{dt}\|\theta\|^2+\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx=\int_0^1\left(-\frac{\theta}{v}u_x+\frac{1}{v}u_x^2+\frac{1}{v}H_x^2+vE^2E_x\right)\theta dx.\end{aligned} \tag{3.2.26}$$

(3.2.26) системасынын барабардыктарынын оң жактарын Юнгдун, Кошинин, Гельдердин жана камтылуу барабарсыздыктары боюнча, жогоруда алынган баалоолорду эсепке алуу менен (3.1.30) жана (3.1.32) нин оң жагындагы интегралдарды баалаган учурдагыдай ой жүгүртүү менен баалайбыз.

$$\left|\int_0^1\frac{v_x}{v^2}u_xu_{xx}dx\right|\le\varepsilon_1\|u_{xx}\|^2+C_{\varepsilon_1}\|u_x\|^2,$$

$$\left|\int_0^1\frac{\theta_x}{v}u_{xx}dx\right|\le\frac{1}{N_5^{1/2}m_\lambda^{1/2}(t)}\left(\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx\right)^{1/2}\|u_{xx}\|\le\varepsilon_2\|u_{xx}\|^2+C_{\varepsilon_2}\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx,$$

$$\left|\int_0^1\frac{\theta}{v^2}v_xu_{xx}dx\right|\le\varepsilon_3\|u_{xx}\|^2+C_{\varepsilon_3}M_\theta^2(t)\le\varepsilon_3\|u_{xx}\|^2+C\left(\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx+M_\theta(t)+1\right),$$

мында

$$M_\theta^2(t)\le N_2^2+2\int_0^1|\theta\theta_x|\,dx\le N_2^2+\frac{1}{2}M_\theta^{1/2}(t)\left(\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1\frac{\theta v}{\lambda(\theta,v)}dx\right)^{1/2}.$$

$$\left|\int_0^1 HH_xu_{xx}dx\right|\le M_H(t)\|H_x\|\|u_{xx}\|\le\varepsilon_4\|u_{xx}\|^2+C_{\delta_4},$$

$$\left|\int_0^1 EE_xu_{xx}dx\right|\le M_E(t)\|E_x\|\|u_{xx}\|\le\varepsilon_5\|u_{xx}\|^2+C_{\delta_5},$$

Андан ары,

$$\left|\int\frac{1}{v}\theta^2u_xdx\right|\le\frac{1}{2}\|u_x\|^2\|\theta\|^2+\delta\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx+C(M_\theta(t)+1),\quad 0<\delta<1,$$

$$\left|\int_0^1\frac{1}{v}u_x^2\theta dx\right|\le C(M_\theta(t)+1)\|u_x\|^2,$$

$$\left|\int_0^1\frac{1}{v}H_x^2\theta dx\right|\le CM_\theta(t),$$

$$\left|\int_0^1 vE^2E_x\theta dx\right|\le M_E^2(t)\|E_x\|\|\theta\|\le C\left(\|\theta\|^2+1\right),$$

мында $\varepsilon_i>0\left(i=\overline{1,5}\right)$ – жетишээрлик кичине сандар. Алынган баалоолорду эсепке алуу менен (3.2.26) дан төмөнкү барабарсыздыктардын системасын алабыз

$$\frac{d}{dt}\|u_x\|^2+\|u_{xx}\|^2\le C_1\left(\|u_x\|^2+M_\theta(t)+1\right)+C_2\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx,$$

$$\frac{d}{dt}\|\theta\|^2+C_3\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx\le C_4\left(\|u_x\|^2+1\right)\left(\|\theta\|^2+M_\theta(t)+1\right).\qquad(3.2.27)$$

(3.2.27) системасынын биринчи барабарсыздыгын $\gamma=\frac{1}{2}C_3C_2^{-1}$ ге көбөйтүп жана экинчиси менен кошуп төмөнкүнү алабыз

$$\frac{d}{dt}\left(\|\theta\|^2+\gamma\|u_x\|^2\right)+\gamma\|u_{xx}\|^2+\frac{1}{2}C_3\int_0^1\frac{\lambda(\theta,v)\theta_x^2}{v}dx\le C\left(\|u_x\|^2+1\right)\left(\|\theta\|^2+M_\theta(t)+1\right).$$

(3.2.14) – (3.2.16), (3.2.21) лерди эсепке алуу менен, Гронуолланын леммасын колдонгондон кийин төмөндөгүдөй корутундуга келебиз

$$\max_{0\le t\le T}\left(\|\theta(t)\|^2+\|u_x(t)\|^2\right)+\int_0^T\left(\|u_{xx}(t)\|^2+\|\theta_x(t)\|^2\right)dt\le N_{16}.\qquad(3.2.28)$$

Төмөнкү

$$M_\theta^2(t)\le N_2^2+\|\theta(t)\|^2+\|\theta_x(t)\|^2 \tag{3.2.29}$$

катышынан жана (3.2.28) ден төмөнкү баалоону алабыз

$$\int_0^T M_\theta^2(t)dt\le N_{17}. \tag{3.2.30}$$

Төмөнкү баалоону далилдейбиз

$$\max_{0\le t\le T}\|\theta_x(t)\|^2+\int_0^T\|\theta_{xx}(t)\|^2dt\le N_{18}. \tag{3.2.31}$$

$\lambda(\theta,v)=v$ болгон учурда (3.2.31) баалоосу жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемесин θ_{xx} ке көбөйтүү жана (3.1.36) ны далилдеген учурдагыдай өзгөртүп түзүүлөрдү жүргүзүү менен келтирилип чыгарылат.

$\lambda(\theta,v)=\theta$ учурун карайбыз. Бул учурда жылуулук өткөрүмдүүлүк теңдемесинде туундуну ачып жазып, анан тайпалаштырабыз. Жыйынтыгында төмөнкү барабардыкты алабыз:

$$\frac{\partial\theta}{\partial t}=\frac{1}{2v}\left(\theta^2\right)_{xx}-\frac{v_x}{v^2}\theta_x\theta-\frac{\theta}{v}u_x+\frac{1}{v}u_x^2+\frac{1}{v}H_x^2+vE^2E_x.$$

Аны $\theta\left(\theta^2\right)_{xx}$ ке көбөйтүп, анан Ω боюнча интегралдайбыз. Сол бөлүк мындайча өзгөртүп түзүлөт:

$$\int_0^1\frac{\partial\theta}{\partial t}\theta\left(\theta^2\right)_{xx}dx=\int_0^1\frac{1}{2}\frac{\partial\theta^2}{\partial t}\left(\theta^2\right)_{xx}dx=-\frac{1}{2}\int_0^1\left(\theta^2\right)_{xt}\left(\theta^2\right)_x dx-\frac{1}{4}\frac{d}{dt}\int_0^1\left(\theta^2\right)_x^2dx.$$

Ошндуктан, көбөйтүүдөн кийин төмөндөгүнү алабыз

$$\frac{1}{4}\frac{d}{dt}\int_0^1\left(\theta^2\right)_x^2dx+\int_0^1\frac{\theta}{2v}\left(\theta^2\right)_{xx}^2dx=$$

$$=\int_0^1\left(\frac{v_x}{v^2}\theta_x\theta-\frac{\theta}{v}u_x+\frac{1}{v}u_x^2+\frac{1}{v}H_x^2+vE^2E_x\right)\theta\left(\theta^2\right)_{xx}dx=\sum_{k=1}^5 I_k. \tag{3.2.32}$$

Ар бир I_k ны Юнгдун, Кошинин барабарсыздыктарын, жана (3.2.8), (3.2.14), (3.2.16), (3.2.20), (3.2.23) баалоолорун колдонуп баалайбыз.

$$I_1=\frac{1}{2}\int_0^1\frac{v_x}{v^2}\theta\left(\theta^2\right)_x\left(\theta^2\right)_{xx}dx\le C\left(\int_0^1\frac{\theta}{2v}\left(\theta^2\right)_{xx}^2dx\right)^{1/2}\max_{x\in\Omega}\left|\left(\theta^2\right)_x\right|M_\theta^{1/2}(t)\|v_x\|\le$$

$$\le C\left(\int_0^1\frac{\theta}{2v}\left(\theta^2\right)_{xx}^2dx\right)^{3/4}\left\|\left(\theta^2\right)_x\right\|^{1/2}M_\theta^{1/2}(t)\le\varepsilon_1\int_0^1\frac{\theta}{2v}\left(\theta^2\right)_{xx}^2dx+C_{\varepsilon_1}M_\theta^2(t)\left\|\left(\theta^2\right)_x\right\|^2.$$

$$I_2 \le C\left(\int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx\right)^{1/2} \|u_x\| M_\theta^{3/2}(t) \le$$

$$\le C\left(\int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx\right)^{1/2}\left(N_2^{3/2} + \|\theta_x\|\right) \le \varepsilon_2 \int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx + C_{\varepsilon_2}\left(\|\theta_x\|^2 + 1\right).$$

$$I_3 \le C\left(\int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx\right)^{1/2} \max_{x\in\Omega}|u_x| M_\theta^{1/2}(t)\|u_x\| \le$$

$$\le C\left(\int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx\right)^{1/2} M_\theta^{1/2}(t)\|u_{xx}\|^{1/2} \le \varepsilon_3 \int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx + C\left(M_\theta^2(t) + \|u_{xx}\|^2\right).$$

$$I_4 \le C\left(\int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx\right)^{1/2} \max_{x\in\Omega}|H_x| M_\theta^{1/2}(t)\|H_x\| \le$$

$$\le C\left(\int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx\right)^{1/2} M_\theta^{1/2}(t)\|H_{xx}\|^{1/2} \le \varepsilon_4 \int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx + C\left(M_\theta^2(t) + \|H_{xx}\|^2\right).$$

$$I_5 \le C\left(\int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx\right)^{1/2} M_\theta^{1/2}(t)\|E_x\| \le \varepsilon_5 \int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx + CM_\theta(t).$$

Каалагандай ε_i оң санын $\sum_{i=1}^{5}\varepsilon_i < 1$ боло тургандай кылып тандайбыз. Анда (3.2.32) төмөнкү барабарсыздыкты берет

$$\frac{d}{dt}\left\|\left(\theta^2\right)_x\right\|^2 dx + \int_0^1 \frac{\theta}{2\nu}\left(\theta^2\right)_{xx}^2 dx \le \tag{3.2.33}$$

$$\le C\left\{M_\theta^2(t)\left\|\left(\theta^2\right)_x\right\|^2 + \|\theta_x\|^2 + \|u_{xx}\|^2 + \|H_{xx}\|^2 + M_\theta(t) + 1\right\}.$$

(3.2.32) ге (3.2.15), (3.2.24), (3.2.28), (3.2.30) ду пайдаланып Гронуолланын леммасын колдонобуз. (3.2.14) тү эсепке алуу менен (3.2.31) баалоосун алабыз.

(3.2.29) жана (3.2.31) ден төмөнкү баалоону алабыз

$$M_\theta(t) \le N_{19}, \quad \forall t \in [0,T].$$

(3.2.1) системасынан тикеден-тике төмөнкү баалоолорду алабыз

$$\max_{0\le t\le T}\|v_t(t)\|^2 + \int_0^T\left(\|u_t(t)\|^2 + \|v_{xt}(t)\|^2 + \|\theta_t(t)\|^2 + \|H_t(t)\|^2 + \|E_t(t)\|^2\right)dt \le N_{20}.$$

Ошентип, жалпыланган чечимдин жашашын далилдөө үчүн зарыл болгон бардык априордук баалоолор алынды. Жалгыздыгы 3.1.7 бөлүмүндө окшош эки биргелешкен чечимдин айырмасына карата бир тектүү теңдемени түзүү менен далилденет. 3.2.1-теорема далилденди.

§ 3.3. МАГНИТТИК ЭЛЕКТРОГАЗОДИНАМИКАНЫН ТЕҢДЕМЕЛЕРИ ҮЧҮН БИР ТЕКТҮҮ ЭМЕС МАСЕЛЕ

3.3.1. Маселенин коюлушу жана негизги жыйынтык. Магниттик ЭГД нын теңдемелер системасы массалык лагранждык координаталарда төмөндөгүдөй көрүнүшкө ээ.

$$\frac{\partial v}{\partial t}-\frac{\partial u}{\partial x}=0,\quad v=\frac{1}{\rho},$$

$$\frac{\partial u}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\mu}{v}\frac{\partial u}{\partial x}\right)-\frac{\partial p}{\partial x}-\mu_e H\frac{\partial H}{\partial x}+\varepsilon E\frac{\partial E}{\partial x},\quad p=r\frac{\theta}{v},$$

$$\frac{\partial \theta}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\lambda}{v}\frac{\partial \theta}{\partial x}\right)-p\frac{\partial u}{\partial x}+\frac{\mu}{v}\left(\frac{\partial u}{\partial x}\right)^2+\frac{\mu_e\mu_H}{v}\left(\frac{\partial H}{\partial x}\right)^2+b\varepsilon vE^2\frac{\partial E}{\partial x},\qquad (3.3.1)$$

$$\frac{\partial}{\partial t}vH=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\mu_H}{v}\frac{\partial H}{\partial x}\right),$$

$$\frac{\partial E}{\partial t}=-bE\frac{\partial E}{\partial x}.$$

Бул жерде $u, \rho, v, \theta, p, H, E$ – тиешелүү түрдө ылдамдык, тыгыздык, салыштырма көлөм, температура, басым, магниттик талаанын чыңалуусу, электрдик талаанын чыңалуусу. $\mu, \varepsilon, \lambda, \mu_e, \mu_H, b, r$ – оң, турактуу коэффициенттер.

Өткөрүмдүү эмес диэлектрдик дубалга ээ болгон $Q=\{(x,t): 0<x<1,\ 0<t<T\}$ аймагында илешкээк жылуулук өткөрүмдүү газдын магниттик жана электрдик талааны эсепке алуу менен болгон кыймылы жөнүндөгү маселени карайбыз.

Изделүүчү функциялар төмөнкү чектик шарттарды канааттандырышат:

$$\left.\frac{1}{v}\frac{\partial u}{\partial x}-p\right|_{x=0}=\left.\frac{1}{v}\frac{\partial u}{\partial x}-p\right|_{x=1}=H|_{x=0}=H|_{x=1}=0,\ E|_{x=0}=\left.\frac{\partial E}{\partial x}\right|_{x=0}=0$$

$$\theta|_{x=0}=\chi_0(t),\quad \theta|_{x=1}=\chi_1(t),\qquad (3.3.2)$$

$$\chi_i(t)\in W_2^1(0,T),\ \chi_i(t)\geq m_0>0,\ \chi_i(0)=\theta_0(i),\ i=0,1.$$

Баштапкы $t=0$ моментинде чөйрөнүн бардык мүнөздөмөлөрү белгилүү:

$$u|_{t=0}=u_0(x),\ v|_{t=0}=v_0(x),\ \theta|_{t=0}=\theta_0(x),\ E|_{t=0}=E_0(x),\ H|_{t=0}=H_0(x),\qquad (3.3.3)$$

жана $\quad 0<m_0\le(v_0(x),\ \theta_0(x))\le M_0<\infty,\ \ x\in\Omega.$

3.3.1- ТЕОРЕМА. *Айталы (3.3.3) баштапкы берилгендери төмөндөгүдөй жылмакайлык касиеттерине ээ болушсун:*

$$(v_0,u_0,\theta_0,H_0,E_0)\in W_2^2(\Omega),\ \ E_0'(x)\ge 0.$$

Анда каалагандай чектүү T *менен* $Q=\Omega\times(0,T)$ *аймагында (3.3.1) – (3.3.3) маселесинин системасынын(3.3.1) теңдемелердин системасын жана баштапкы берилгендерди дээрлик бардык жерде канааттандыруучу жалгыз жалпыланган чечими жашайт, жана*

$$(v(t),E(t))\in L_\infty(0,T;W_2^1(\Omega)),\qquad (v_t,\ u_t,\ \theta_t,\ H_t,\ E_t)\in L_2(Q),$$

$$(u(t),\theta(t),H(t))\in L_\infty(0,T;W_2^1(\Omega))\cap L_2(0,T;W_2^2(\Omega)),\ \ Q=\Omega\times(0,T),\ \Omega=(0,1),$$

болот, $\quad v(x,t),\ \theta(x,t)$ *– такай оң, чектелген функциялар.*

3.3.2. Априордук баалоолор. Жалпылыкты чектебестен туруп, (3.3.1) - системадагы бардык оң турактууларды бирге барабар деп кабыл алабыз. (3.3.1) – (3.3.3) маселесинин чечими жашайт деп божомол кылабыз.

(3.3.1) системасынын теңдемелеринен жана маселенин берилгендерине коюлган чектөөлөрдөн $v(x,t),\ \theta(x,t)$ функцияларынын терс эмес экендиги көрүнүп турат. [91] ден төмөнкүгө ээ болобуз

$$E(x,t)\ge 0,\ \ E_x(x,t)\ge 0,\ \ \forall(x,t)\in Q. \tag{3.3.4}$$

(3.3.1) системасынын элекрдик талаанын чыңалуучулугу теңдемесин E ге көбөйтүп, анан $Q=\Omega\times(0,T)$ боюнча интегралдайбыз

$$\frac{1}{2}\int_0^1 E^2\,dx+\int_0^t E^2E_x\,d\tau\le N_1,\qquad \forall t\in[0,T]. \tag{3.3.5}$$

(3.3.1) системасынын бешинчи теңдемесин Ω боюнча жана t боюнча интегралдап төмөнкүнү табабыз

$$\int_0^t E^2\big|_{x=1}\,d\tau\le K_1.$$

Мындан, (3.3.5) ти эсепке алуу менен, төмөнкүнү алабыз

$$\int_0^T M_E^2(t)\,dt\le N_2. \tag{3.3.6}$$

$\theta_1(x,t)$ жардамчы функциясын төмөнкү чектик маселенин чечими катары киргизебиз

$$\frac{\partial\theta_1}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\right),\ (x,t)\in Q=(0,1)\times(0,T), \qquad (3.3.7)$$

$$\theta_1|_{x=0}=\chi_0(t),\quad \theta_1|_{x=1}=\chi_1(t),\qquad \theta_1|_{t=0}=\theta_0(x).$$

Максимума принциби боюнча $\theta_1(x,t)$ үчүн төмөнкү катыш орун алат:

$$0<m\le\theta_1(x)\le M<\infty,\quad x\in\Omega.$$

$\theta(x,t)$ нын ордуна жаңы функцияны киргизебиз

$$\psi(x,t)=\frac{\theta(x,t)}{\theta_1(x,t)}. \qquad (3.3.8)$$

(3.3.1) теңдемелер системасын (3.3.7) ни эсепке алуу менен өзгөртүп түзөбүз.

$$\frac{\partial v}{\partial t}-\frac{\partial u}{\partial x}=0,\quad v=\frac{1}{\rho},$$

$$\frac{\partial u}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}\frac{\partial u}{\partial x}\right)-\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\theta_1\psi}{v}\right)-H\frac{\partial H}{\partial x}+E\frac{\partial E}{\partial x},$$

$$\theta_1\frac{\partial\psi}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{\theta_1}{v}\frac{\partial\psi}{\partial x}\right)+\frac{1}{v}\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\frac{\partial\psi}{\partial x}-\frac{\theta_1\psi}{v}\frac{\partial u}{\partial x}+\frac{1}{v}\left(\frac{\partial u}{\partial x}\right)^2+\frac{1}{v}\left(\frac{\partial H}{\partial x}\right)^2+vE^2\frac{\partial E}{\partial x},$$

$$\frac{\partial}{\partial t}vH=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}\frac{\partial H}{\partial x}\right), \qquad (3.3.9)$$

$$\frac{\partial E}{\partial t}=-E\frac{\partial E}{\partial x}.$$

(3.3.2) чектик шарттарын төмөндөгүдөй кылып кайра жазып алабыз:

$$\left.\frac{\partial u}{\partial x}\right|_{x=0}=\chi_0(t),\ \left.\frac{\partial u}{\partial x}\right|_{x=1}=\chi_1(t),\quad \psi|_{x=0}=\psi|_{x=1}=1,$$

$$H|_{x=0}=H|_{x=1}=0,\qquad E|_{x=0}=\left.\frac{\partial E}{\partial x}\right|_{x=0}=0. \qquad (3.3.10)$$

$$\chi_i(t)\in W_2^1(0,T),\ \chi_i(t)\ge m_0>0,\quad i=0,1.$$

(3.3.9) системасынын биринчи теңдемесинен төмөнкүнү алабыз

$$v(x,t)=\int_0^t\frac{\partial u}{\partial x}d\tau+v_0(t)$$

Мындан,

$$v(x,t)_{|x=0}=\int_0^t \chi_0(\tau)d\tau+v_0(0)=\beta_1(t),$$

$$v(x,t)_{|x=1}=\int_0^t \chi_1(\tau)d\tau+v_0(1)=\beta_2(t), \tag{3.3.11}$$

жана $\quad 0<m_1\le(\beta_0(t),\ \beta_1(t))\le M_1<\infty,\quad t\in[0,T].$

Кийинки априордук баалоо киришебиз

(3.3.9) системасынын үчүнчү теңдемесин $\left(1-\frac{1}{\psi}\right)$ ге көбөйтөбүз. Айрым бир өзгөртүп түзүүлөрдөн кийин төмөнкүгө ээ болобуз

$$\frac{\partial}{\partial t}(\theta_1(\psi-ln\psi-1))-\frac{\partial\theta_1}{\partial t}(\psi-ln\psi-1)=\frac{\partial}{\partial x}\left(\left(1-\frac{1}{\psi}\right)\frac{\theta_1}{v}\frac{\partial\psi}{\partial x}\right)-\frac{\theta_1}{v\psi^2}\left(\frac{\partial\psi}{\partial x}\right)^2+$$

$$+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}\frac{\partial\theta_1}{\partial x}(\psi-ln\psi-1)\right)-(\psi-ln\psi-1)\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\right)-\left(1-\frac{1}{\psi}\right)\frac{\theta_1\psi}{v}\frac{\partial u}{\partial x}+$$

$$+\frac{1}{v}\left(1-\frac{1}{\psi}\right)\left(\frac{\partial u}{\partial x}\right)^2+\frac{1}{v}\left(1-\frac{1}{\psi}\right)\left(\frac{\partial H}{\partial x}\right)^2+\left(1-\frac{1}{\psi}\right)vE^2\frac{\partial E}{\partial x}$$

же, (3.3.7) ни эсепке алуу менен:

$$\frac{\partial}{\partial t}(\theta_1(\psi-ln\psi-1))=\frac{\partial}{\partial x}\left(\left(1-\frac{1}{\psi}\right)\frac{\theta_1}{v}\psi_x\right)-\frac{\theta_1}{v\psi^2}\psi_x^2+$$

$$+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}\theta_{1x}(\psi-ln\psi-1)\right)-\frac{\theta_1\psi}{v}u_x+\frac{\theta_1}{v}u_x+ \tag{3.3.12}$$

$$+\frac{1}{v}u_x^2-\frac{1}{v\psi}u_x^2+\frac{1}{v}H_x^2-\frac{1}{v\psi}H_x^2+vE^2E_x-\frac{vE^2}{\psi}E_x.$$

(3.3.9) системасынын экинчи теңдемесин uга көбөйтөбүз.

$$\frac{1}{2}\frac{\partial u^2}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{uu_x}{v}\right)-\frac{1}{v}u_x^2-\frac{\partial}{\partial x}\left(u\frac{\theta_1\psi}{v}\right)+\frac{\theta_1\psi}{v}u_x-$$

$$-\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{H^2}{2}u\right)+\frac{H^2}{2}u_x+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{u}{2}E^2\right)-\frac{E^2}{2}u_x. \tag{3.3.13}$$

(3.3.9) системасынын төртүнчү теңдемесин Hка көбөйтөбүз.

$$\frac{\partial}{\partial t}\left(\frac{1}{2}vH^2\right)=-\frac{H^2}{2}u_x+\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}HH_x\right)-\frac{1}{v}H_x^2. \tag{3.3.14}$$

(3.3.9) системасынын бешинчи теңдемесин Evга көбөйтөбүз.

$$\frac{\partial}{\partial t}\left(\frac{1}{2}vE^2\right)=-vE^2E_x+\frac{E^2}{2}u_x. \tag{3.3.15}$$

(3.3.12) – (3.3.15) терди кошобуз да $Q=(0,1)\times(0,T)$ боюнча интегралдайбыз

$$\int_0^1\left\{\frac{1}{2}u^2+\frac{1}{2}vH^2+\frac{1}{2}vE^2+\theta_1(\psi-\ln\psi-1)\right\}dx+$$

$$+\int_0^t\int_0^1\left[\frac{u_x^2}{v\psi}+\frac{H_x^2}{v\psi}+\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^2}+\frac{E_xE^2v}{\psi}\right]dxd\tau=. \tag{3.3.16}$$

$$=\int_0^1\left\{\frac{1}{2}u_0^2+\frac{1}{2}v_0H_0^2+\frac{1}{2}v_0E_0^2\right\}dx+\int_0^1\frac{\theta_1}{v}u_xdx.$$

(3.3.16) нын оң жагындагы экинчи интегралды Кошинин барабарсыздыгы боюнча баалайбыз

$$\int_0^1\frac{\theta_1}{v}u_xdx\le\left(\int_0^1\frac{u_x^2}{v\psi}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1\frac{\theta_1^2\psi}{v}dx\right)^{1/2}\le\varepsilon\int_0^1\frac{u_x^2}{v\psi}dx+C_\varepsilon\int_0^1\frac{\theta_1^2\psi}{v}dx,\quad 0<\varepsilon<1$$

жана (3.3.16) га коёбуз. Баштапкы берилгендерге коюлган шарттарды жана (3.3.7) ни эсепке алуу менен төмөнкүгө ээ болобуз

$$\int_0^1\left\{\frac{1}{2}u^2+\frac{1}{2}vH^2+\frac{1}{2}vE^2+\theta_1(\psi-\ln\psi-1)\right\}dx+$$

$$+\int_0^t\int_0^1\left[\frac{u_x^2}{v\psi}+\frac{H_x^2}{v\psi}+\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^2}+\frac{E_xE^2v}{\psi}\right]dxd\tau\le C+C\int_0^1\frac{\theta_1\psi}{v}dx. \tag{3.3.17}$$

Андан ары, (3.3.1) системасынын экинчи

$$\frac{\partial u}{\partial t}=\frac{\partial}{\partial x}\left(\frac{1}{v}\frac{\partial u}{\partial x}-\frac{\theta}{v}-\frac{1}{2}H^2+\frac{1}{2}E^2\right)$$

теңдемесин x боюнча 0 дөн каалагандай x чекитине чейин интегралдайбыз

$$\frac{\partial}{\partial t}\int_0^x u(\xi,t)d\xi=\frac{1}{v}\frac{\partial u}{\partial x}-\frac{\theta}{v}-\frac{1}{2}H^2+\frac{1}{2}E^2,$$

андан соң (3.3.1) системасынын биринчи теңдемесин пайдаланып t боюнча интегралдайбыз

$$\int_0^x(u(\xi,t)-u_0(\xi))d\xi=\ln\frac{v(x,t)}{v_0(x)}-\int_0^t\left(\frac{\theta}{v}+\frac{1}{2}H^2\right)(x,\tau)d\tau+\frac{1}{2}\int_0^t E^2(x,\tau)d\tau$$

Алынган барабардыкты потенцирлейбиз

$$\frac{1}{v}\exp\int_0^t\left(\frac{\theta}{v}+\frac{1}{2}H^2\right)d\tau=\frac{1}{v_0}\exp\int_0^x\left(u_0(\xi)-u(\xi,t)\right)d\xi\cdot\exp\int_0^t\frac{1}{2}E^2(x,\tau)d\tau.$$

$$B(x,t)=\exp\int_0^x\left(u_0(\xi)-u(\xi,t)\right)d\xi,\qquad Y(x,t)=\exp\int_0^t\frac{1}{2}E^2(x,\tau)d\tau,\tag{3.3.18}$$

деп белгилеп төмөнкүгө ээ болобуз

$$\frac{1}{v}\exp\int_0^t\left(\frac{\theta}{v}+\frac{1}{2}H^2\right)d\tau=\frac{1}{v_0}B(x,t)\cdot Y(x,t).\tag{3.3.19}$$

(3.3.19) ду $\left(\theta+\frac{1}{2}vH^2\right)$ ка көбөйтөбүз

$$\frac{d}{dt}\exp\int_0^t\left(\frac{\theta}{v}+\frac{1}{2}H^2\right)d\tau=\frac{1}{v_0}\left(\theta+\frac{1}{2}vH^2\right)B(x,t)\cdot Y(x,t)$$

жана аны t боюнча 0 дөн t га чейин интегралдайбыз

$$\exp\int_0^t\left(\frac{\theta}{v}+\frac{1}{2}H^2\right)d\tau=1+\frac{1}{v_0}\int_0^t\left(\theta+\frac{1}{2}vH^2\right)B(x,\tau)\cdot Y(x,\tau)d\tau.\tag{3.3.20}$$

(3.3.20) ны логарифмдейбиз

$$\int_0^t\left(\frac{\theta}{v}+\frac{1}{2}H^2\right)d\tau=\ln\left(1+\frac{1}{v_0}\int_0^t\left(\theta+\frac{1}{2}vH^2\right)B(x,\tau)\cdot Y(x,\tau)d\tau\right).$$

Оң жагын Кошинин барабарсыздыгын, баштапкы берилгендерге коюлган шарттарды жана (3.3.6), (3.3.8) дерди пайдаланып баалайбыз

$$\int_0^t\left(\frac{\theta}{v}+\frac{1}{2}H^2\right)d\tau\le\ln\left(1+C\exp\max_{0\le\tau\le t}\|u(\eta)\|\cdot\int_0^t\left(\psi+\frac{1}{2}vH^2\right)(x,\tau)d\tau\right).\tag{3.3.21}$$

$$\int_0^1\psi dx\le\int_0^1\left(1+\theta_1(\psi-\ln\psi-1)\right)dx\tag{3.3.22}$$

экендиги белгилүү [2].

$$\ln\left(1+ae^b\right)\le a+b,\quad\forall a\ge0,\ b\ge0,$$

барабарсыздыгын пайдаланып (3.3.21) ден, Ω боюнча интегралдагандан кийин төмөнкү барабарсыздыкты алабыз

$$\int_0^t\int_0^1\frac{\theta_1\psi}{v}dxd\tau\le C\left(1+\max_{0\le\eta\le t}\|u(\eta)\|+\int_0^t\int_0^1\left(\theta_1(\psi-\ln\psi-1)+\frac{1}{2}vH^2\right)dxd\tau\right).$$

Аны (3.3.17) ге коюп жана Гронуолланын леммасын колдонуп төмөнкү баалоону табабыз

$$\int_0^1 \left\{ \frac{1}{2}u^2 + \frac{1}{2}\nu H^2 + \frac{1}{2}\nu E^2 + \theta_1(\psi - \ln\psi - 1) \right\} dx +$$

$$+\int_0^t\int_0^1 \left(\frac{u_x^2}{\nu\psi} + \frac{H_x^2}{\nu\psi} + \frac{\theta_1\psi_x^2}{\nu\psi^2} + \frac{E_x E^2 \nu}{\psi} \right) dx d\tau \le N_3, \quad \forall t \in [0,T], \tag{3.3.23}$$

(3.3.8) ден, (3.3.22), (3.3.23) тү эсепке алуу менен төмөнкү баалоого ээ болобуз

$$\int_0^1 \theta(x,t) dx \le N_4, \quad \forall t \in [0,T]. \tag{3.3.24}$$

(3.3.19) барабардыгы,

$$\nu = \nu_0 B^{-1}(x,t) \cdot Y^{-1}(x,t) \exp \int_0^t \left(\frac{\theta}{\nu} + \frac{1}{2}H^2 \right) d\tau$$

жана (3.3.20) изделүүчү функциялардын арасындагы бир жардамчы катышты

берет $\nu(x,t) = B^{-1}(x,t) \cdot Y^{-1}(x,t) \left(\nu_0(x) + \int_0^t \left(\theta + \frac{1}{2}\nu H^2 \right) B(x,\tau) \cdot Y(x,\tau) d\tau \right).$ (3.3.25)

(3.3.4), (3.3.6), (3.3.23) төн төмөнкү баалоолорду алабыз

$$0 < K_1^{-1} \le B(x,t) \le K_1, \quad 0 < K_2^{-1} \le Y(x,t) \le K_2, \quad \forall (x,t) \in Q. \tag{3.3.26}$$

(3.3.25) ти Ω боюнча (3.3.26) ны жана баштапкы берилгендерге коюлган шарттарды эсепке алуу менен интегралдайбыз

$$\int_0^1 \nu(x,t) dx \le C \left(1 + \int_0^t\int_0^1 \left(\theta + \frac{1}{2}\nu H^2 \right) d\tau \right).$$

(3.3.23), (3.3.24) тү пайдаланып төмөнкүгө ээ болобуз

$$\int_0^1 \nu(x,t) dx \le N_5, \quad \forall t \in [0,T]. \tag{3.3.27}$$

3.3.1- ЛЕММА. *Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоолор орун алат*

$$m_\nu(t) \ge N_6, \quad \forall t \in [0,T]. \tag{3.3.28}$$

Далилдөө. (3.3.26) ны пайдаланып, (3.3.25) тен салыштырма көлөмдүн төмөн жагынан чектелгендигин алабыз. Лемма далилденди.

Температура үчүн чектик шарттарды жана (3.3.11) ди пайдаланып жардамчы функцияларды киргизебиз

$$\varphi(x,t) = \chi_0(t)(1-x) + \chi_1(t)x, \quad \eta(x,t) = \beta_1(t)(1-x) + \beta_2(t)x,$$

мында $\varphi(x,t)\in W_2^1(0,T;L_2(\Omega)),\ \varphi_x\in W_2^1(0,T),\ \varphi_t\in L_2(0,T;L_2(\Omega)),$ (3.3.29)

$$0<K_3^{-1}\le\eta(x,t)\le K_3,\ |\eta_x(x,t)|\le K_4,\ \varphi_t\in W_2^1(0,T;L_2(\Omega)).$$

3.3.2- ЛЕММА. *Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоо орун алат*

$$\int_0^t\int_0^1\frac{\theta_x^2}{v\theta^2}\,dxdt\le N_7,\qquad \forall t\in[0,T]. \tag{3.3.30}$$

Далилдөө. (3.3.7) теңдемесин $(\theta_1-\varphi)$ ге көбөйтүп, анан Ω боюнча интегралдайбыз:

$$\frac{1}{2}\frac{d}{dt}\|\theta_1\|^2+\int_0^1\frac{1}{v}\left(\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\right)^2dx=\frac{d}{dt}\int_0^1\theta_1\varphi dx+\int_0^1\frac{1}{v}\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\frac{\partial\varphi}{\partial x}dx-\int_0^1\theta_1\frac{\partial\varphi}{\partial t}dx. \tag{3.3.31}$$

(3.3.31) дин оң жагындагы интегралдарды Кошинин, Юнгдун барабарсыздыктарын жана (3.3.28) ди пайдалануу менен баалайбыз.

$$\left|\int_0^1\frac{1}{v}\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\frac{\partial\varphi}{\partial x}dx\right|\le\left(\int_0^1\frac{1}{v}\left(\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\right)^2dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1\frac{1}{v}\left(\frac{\partial\varphi}{\partial x}\right)^2dx\right)^{1/2}\le\varepsilon\int_0^1\frac{1}{v}\left(\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\right)^2dx+C\varphi_x^2,$$

мында $0<\varepsilon<1$.

$$\left|\int_0^1\theta_1\frac{\partial\varphi}{\partial t}dx\right|\le C\left(\|\theta_1\|^2+\|\varphi_t\|^2\right).$$

Камтылуу теоремасын пайдаланып, төмөнкү интегралды баалайбыз

$$\int_0^1\theta_1\varphi dx\le M\left|\int_0^1\varphi dx\right|\le C,$$

анткени

$$\int_0^1\varphi(x,t)dx=\frac{1}{2}(\chi_0(t)+\chi_1(t))\le C\left(\|\chi_0(t)\|_{W_2^1(0,T)}+\|\chi_1(t)\|_{W_2^1(0,T)}\right)\le C.$$

(3.3.31) ди t боюнча интегралдап жана Гронуолланын леммасын колдонуп, (3.3.29) ду эсепке алуу менен төмөндөгүнү табабыз

$$\|\theta_1\|^2+\int_0^T\int_0^1\frac{1}{v}\left(\frac{\partial\theta_1}{\partial x}\right)^2dx\le N_8.$$

Мындан, жана (3.3.8), (3.3.23) төрдөн лемманын ырасталышын алабыз. Лемма далилденди.

3.3.3. *Изделүүчү функциялардын туундулары үчүн баалоолор.* (3.1.22), (3.1.23) төргө окшош төмөнкү баалоолор келтирилип чыгарылат

$$\max_{0\le t\le T}\|E_x(t)\|^2+\int_0^T\int_0^1 E_x^3\,dxd\tau\le N_9,\quad M_E^2(t)\le N_{10},\ \forall t\in[0,T]. \qquad (3.3.32)$$

3.3.3- ЛЕММА. *Теореманын шарттары аткарылган учурда төмөнкү баалоолор орун алат*

$$\int_0^t\int_0^1\left(\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^{3/2}}+\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}+\frac{H_x^2}{v\psi^{1/2}}+\frac{E_xE^2v}{\psi^{1/2}}\right)dxd\tau\le N_{11},\qquad \forall t\in[0,T]. \qquad (3.3.33)$$

Далилдөө. (3.3.9) системасынын үчүнчү теңдемесин $\left(\frac{1}{\psi^{1/2}}-\frac{1}{\psi}\right)$ ге көбөйтүп анан Ω боюнча интегралдайбыз.

$$\int_0^1\left(\frac{1}{2}\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^{3/2}}+\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}+\frac{H_x^2}{v\psi^{1/2}}+\frac{E_xE^2v}{\psi^{1/2}}\right)dx=2\frac{d}{dt}\int_0^1\theta_1\left(\psi^{1/2}-\ln\psi^{1/2}-1\right)dx+$$

$$+\int_0^1\left(\frac{u_x^2}{v\psi}+\frac{H_x^2}{v\psi}+\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^2}+\frac{E_xE^2v}{\psi}\right)dx-\int_0^1\frac{\theta_1}{v}u_xdx+\int_0^1\frac{\theta_1\psi^{1/2}}{v}u_xdx. \qquad (3.3.34)$$

(3.3.34) түн оң жагындагы акыркы эки интегралды Кошинин, Юнгдун барабарсыздыктарын жана (3.3.8), (3.3.22) – (3.3.24), (3.3.27) лерди пайдаланып баалайбыз.

$$I_1\le\left|\int_0^1\frac{\theta_1}{v}u_xdx\right|\le\left(\int_0^1\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1\frac{\theta_1^2\psi^{1/2}}{v}dx\right)^{1/2}\le\varepsilon_1\int_0^1\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx+C.$$

(3.3.34) түн оң жагындагы акыркы интегралды баалаш үчүн сан огун эки аймакка ажыратабыз $\Omega=\sigma_1(t)\cup\sigma_2(t)$, мында

$$\sigma_1(t)=\left\{x\in\Omega: v(x,t)\ge\frac{N_4N_5M}{m}\right\},\ \sigma_2(t)=\left\{x\in\Omega: N_6\le v(x,t)<\frac{N_4N_5M}{m}\right\}.$$

Эгерде $\frac{N_4N_5M}{m}\le N_6$ болсо, анда Ω аймагы $\sigma_1(t)$ аймагы менен дал келээрин байкайбыз.

$$\int_0^1\frac{\theta_1\psi^{1/2}}{v}u_x\,dx=\int_{\sigma_1(t)}\frac{\theta_1\psi^{1/2}}{v}u_x\,dx+\int_{\sigma_2(t)}\frac{\theta_1\psi^{1/2}}{v}u_x\,dx=I_2+I_3.$$

Ар бир $I_k\ (k=2,3)$ ны баалайбыз

$$I_2\le\frac{M^{1/2}}{m_v^{1/2}}\left(\int\limits_{\sigma_1(t)}\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx\right)^{1/2}\left(\int\limits_{\sigma_1(t)}\theta dx\right)^{1/2}\max_{x\in\sigma_1(t)}\psi^{1/4}(x,t)\le$$

$$\le\frac{M^{1/2}N_4^{1/2}}{m_v^{1/2}}\left(\int\limits_{\sigma_1(t)}\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx\right)^{1/2}\max_{x\in\sigma_1(t)}\psi^{1/4}(x,t),$$

мында

$$\max_{x\in\sigma_1(t)}\psi^{1/4}(x,t)\le C+\frac{1}{4}\int_0^1\left|\frac{\psi_x}{\psi^{3/4}}\right|dx\le C+\frac{N_5^{1/2}}{4m^{1/2}}\left(\int_0^1\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^{3/2}}dx\right)^{1/2}.$$

Анда,

$$I_2\le\frac{M^{1/2}N_4^{1/2}}{m_v^{1/2}}\left(\int\limits_{\sigma_1(t)}\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx\right)^{1/2}\left(C+\frac{N_5^{1/2}}{4m^{1/2}}\left(\int_0^1\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^{3/2}}dx\right)^{1/2}\right)\le$$

$$\le C\left(\int\limits_{\sigma_1(t)}\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx\right)^{1/2}+\frac{1}{4}\left(\int\limits_{\sigma_1(t)}\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^{3/2}}dx\right)^{1/2}\le$$

$$\le\left(\varepsilon_2+\frac{1}{8}\right)\int_0^1\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx+\frac{1}{8}\int_0^1\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^{3/2}}dx+C.$$

Эми $\sigma_2(t)$ аймагын карайбыз

$$I_3\le\frac{M^{1/2}N_4^{1/2}}{m_v^{1/2}}\left(\int\limits_{\sigma_2(t)}\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx\right)^{1/2}\max_{x\in\sigma_2(t)}\psi^{1/4}(x,t).$$

Бул жерде

$$\max_{x\in\sigma_2(t)}\psi^{1/4}(x,t)\le C+\frac{1}{4}\int_0^1\left|\frac{\psi_x}{\psi^{3/4}}\right|dx\le$$

$$\le C+\frac{1}{4m^{1/2}}\left(\int_0^1\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^2}dx\right)^{1/2}\left(\int_0^1 v\psi^{1/2}dx\right)^{1/2}\le C\left(1+\int_0^1\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^2}dx\right).$$

Анда,

$$I_3\le C\left(\int_0^1\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx\right)^{1/2}\left(1+\left(\int_0^1\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^2}dx\right)^{1/2}\right)\le\varepsilon_3\int\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}dx+C\left(\int_0^1\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^2}dx+1\right).$$

I_k үчүн баалоолорду (3.3.34) кө коёбуз.

$$\int_0^1\left(\frac{3}{8}\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^{3/2}}+\left(\frac{7}{8}-\varepsilon_1-\varepsilon_2-\varepsilon_3\right)\frac{u_x^2}{v\psi^{1/2}}+\frac{H_x^2}{v\psi^{1/2}}+\frac{E_xE^2v}{\psi^{1/2}}\right)dx\le$$

$$\le 2\frac{d}{dt}\int_0^1 \theta_1\left(\psi^{1/2}-\ln\psi^{1/2}-1\right)dx+C\int_0^1\left(\frac{\theta_1\psi_x^2}{v\psi^2}+\frac{u_x^2}{v\psi}+\frac{H_x^2}{v\psi}+\frac{E_xE^2v}{\psi}\right)dx+C.$$

